**2023-жылдын 1–январынан тартып 2023-жылдын 31–декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде жана анын ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**
**Отчет**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 4-июнундагы № 06-1/393 буйругуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору Б.А. Рыскулиевдин жетекчилиги астында, башкы мамлекеттик инспекторлордун: А.С. Токторова, А.А. Турмаматов, мамлекеттик инспекторлор: Н.А. Алиев, К.Р. Чулуев, Ж.А. Салиев, Ж.Т. Орозобековдордон турган курамындагы аудит тобу тарабынан 2023-жылдын 1–январынан тартып 2023-жылдын 31–декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин жана анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн бюджетинин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тараптар жана аудит субъектиси:**

Бул аудитке карата жооптуу тарап жана аудиттин субъектиси Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги болуп саналат (мындан ары - КР ТКМ же Министрлик).

**Жооптуу тараптардын милдеттери:**

Аудит субъектисинин милдеттерине мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудит тобунун милдеттери:**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети-иш-аракеттердин ылайыктуулугуна байланыштуу КР ТКМде жүргүзгөн аудиттин негизинде аудиттин критерийлерине өз алдынча тыянак чыгаруу. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудитор, аудит тобу тарабынан жүргүзүлүп жаткан аудиттин жол-жоболору ушул жагдайларда ылайыктуу жана чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулардын негизин камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Предмет:**

Аудиттин предмети болуп, КР ТКМ ишинин укук белгилөөчү ченемдик документтерде бекитилген максаттарга жана милдеттерге ылайык келүүсүн изилдөө болуп саналат.

Жогоруда көрсөтүлгөн убакыт аралыгында аудиттин кароосуна киргизилген маселелер төмөнкүлөрдү камтыды:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик каражаттардын чыгашалар сметасынын жана атайын эсептин каражаттарынын кирешелер жана чыгашалар сметасынын аткарылышын талдоо;
- товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышына аудит;
- жолдорду курууга, оңдоого жана эксплуатациялоого капиталдык салымдар боюнча бюджеттин аткарылышына аудит;
- эмгек акынын жана башка төлөмдөрдүн аудити, ченемдик укуктук актыларга ылайык, штаттык ырааттаманы жана эмгек акы фондун түзүүнүн тууралыгы;
- касса, кассалык жана казыналык операцияларга аудит;
- иш сапарлардын чыгымдарынын аудити, отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөр;
-негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга, так отчеттуулук бланктарына, ТМБнын ченемден ашыкча запастарына жана эсептөөлөрдөгү каражаттарга аудит;
- транспорт каражаттарына лимиттердин сакталышына, автотранспортту эксплуатациялоого аудит;
- ижара мамилелеринин аудити;
- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;
- бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалын баалоо;
- КР ТКМ тарабынан ишке ашырылып жаткан инвестициялык долбоорлордун аудити.

**Аудиттин критерийлери:**

Бул аудиттин предметинин шайкештиги бааланган критерийлер болуп төмөнкүлөр саналат:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Салык кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси;

-Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" кодекси;

- “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

-"Жол фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- “Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 28-мартындагы № 95 "Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү жөнүндө" Жарлыгы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу» токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1996-жылдын 22-апрелиндеги № 183 "Бишкек-Ош автомобиль жолундагы тоннелдер аркылуу транспорт каражаттарынын акы төлөмө өтүүсүн уюштуруу жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому;

-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы № 468 токтому “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 2-майындагы № 238 “Жумушу мамлекеттик сырларга байланышкан жарандардын кызмат маяналарына пайыздык үстөктү төлөө тартиби жана шарттары жөнүндө нускаманы бекитүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1 – июлундагы № 55 “Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы № 346 “Жол тармагынын системасын кайра өзгөртүп түзүү боюнча чаралар жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы № 474 “Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтому.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Иш аудиттин негизги 1NTOSAI принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө ылайык, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайра каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы № 01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлгөн.

**Этикалык талаптарга ылайык келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары аудит тобу этикалык ченемдерди сактоосун, ошондой эле аудитти КР ТКМ ишмердүүлүгү бардык олуттуу аспектилеринде тиешелүү мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келээрине негиздүү ишеним ала тургандай пландоону жана өткөрүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы**

2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде жана анын ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышынын шайкештигин жана жетиштүү далилдердин алуу үчүн аудитордук максаттарга жетишүү максатында:

- Министрликтин ишмердүүлүгү боюнча финансылык отчеттуулук, бухгалтердик эсеп жана башка маалыматтар талданды;
- Кирешелер жана чыгашалар, бекитилген болжолдонгон пландар жана алардын аткарылышы талданды.

Аудит Министрликтин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары берген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлдү.

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык аудитке берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти аудит объектисинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары тартат.

Документ жүгүртүүнүн көлөмү чоң болгондуктан, аудит тандалма негизде жүргүзүлгөн жана аудит каталарды аныкталбай калуу мүмкүнчүлүгүн аудитордук тобокелдик укугун өзүнө калтырат.

Аудит өзүнө корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболордун аткарылышын камтыйт. Аудит алынган аудитордук далилдер, бул отчетто баяндалган корутундулар жана сунуштамалар үчүн тийиштүү негиздемени камсыздоо үчүн жетиштүү деп эсептейт.

**Аудит мезгилинде кредиттерди тескөөчүлөр болуп:**

- биринчи кол коюу укугу менен - министр Т.К. Текебаев бүтүндөй аудит мезгилине карата;
- экинчи кол коюу укугу менен - экономика, талдоо жана стратегиялык пландоо башкармалыгынын башчысы А.Д. Дуйшебаев бүтүндөй аудит мезгилине карата.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде жана анын ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттик каражаттарды, атайын эсептин каражаттарын, ошондой эле ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлор боюнча донорлордун каражаттарын пайдалануусуна жүргүзүлгөн аудиттин натыйжасында, төмөндө көрсөтүлгөн жагдайларды кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспектилери боюнча мыйзамдын талаптарына шайкеш келери аныкталды.

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы

Өткөрүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча *жазма буйруктардын* төмөнкү пункттары аткарылган эмес жана жарым-жартылай аткарылган:

**<u>2016-жыл үчүн:</u>**

П.п.5.4.1. **"**Балыкчы-Тамчы-Корумду автожолун реконструкциялоо" долбоору боюнча "Лонг Хай" компаниясы тарабынан жолдорду тегиздөө боюнча 46033,8 миң сом суммасындагы кемчиликтер 2019-жылдын 3-

кварталында аткарылары тууралуу жазылган кепилдик катка карабастан четтелген эмес.

**<u>2019 –жыл үчүн:</u>**

П.12. жарым – жартылай аткарылды - Доонун эскирүү мөөнөтү өтүп кеткен карыздарды жоюу боюнча чараларды көрсүн. П.23 аткарылган эмес – 2010-2016-жылдары аныкталган 1770,1 миң сом суммасында акча каражаттарын жана ТМБнын кем чыгууларын калыбына келтирүү боюнча чараларды көрсүн. П.40 аткарылган эмес – "№ 5 Кытай темир жол инженердик топтук компаниясы" КОО филиалынан 605,7 миң сом өлчөмүндөгү ижара акысы өндүрүлсүн.

**<u>2020 –жыл үчүн:</u>**

П.12 жарым – жартылай аткарылды – И.Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институту боюнча 50,4 миң сом жана ЖТИ № 5 боюнча 386,4 миң сом ижара акысын республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирсин. 207,9 миң сом калыбына келтирилди, 228,9 миң сом калыбына келтирилген эмес.

**<u>2021-2022 жылдары үчүн:</u>**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине (05.02.2024-жылдагы №01-20/20) - **жазма буйрук** жөнөтүлгөн.

79 пунктунун ичинен: 4 пункту жарым-жартылай аткарылган (1,32,36, жана 37 пункт), 4 пункту - аткарылган эмес (4,15,33,34). Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 119 459,7 миң сомдон, калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы- 75 334,6 миң сомду түздү.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине (05.02.2024-жылдагы №01-20/19) - **сунуштама** жөнөтүлгөн.

48 пунктунун ичинен: 1 пунктун (41 пункту) аткарылган жана калган 47 пункту аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын милдеттүү түрдө аткарылышы камсыздалсын, 2016 (5.4.1.-пункту), 2019 (12,23,40-пункттары), 2020 (12-пункту) жана 2021-2022-жылдары үчүн (1,4,15,32,33,34,36,37-пункттары) аткарылбаган жазма буйруктардын пункттарынын аткаруу мөөнөттөрү жөнүндө, аткаруу үчүн жооптуу адамдарды көрсөтүү менен, толук маалымат берилсин. 2021-2022 жылдары үчүн жөнөтүлгөн сунуштаманын пункттарын толук аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

## Аудит субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-июлундагы № 55 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жөнүндө” Жобого ылайык,

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги автомобиль, темир жол, электр жана суу транспорту, жолдор, анын ичинде аэропорттордун ички аэропорттук жолдору, аэродром элементтери чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты түзүүчү, ишке ашыруучу жана башкарууну ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат.

Министрликтин борбордук аппаратын, ведомстволук бөлүмдөрүн күтүүгө чыгымдар республикалык бюджеттин, атайын эсептин каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каржылоо булактарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Министрликтин ишинин негизги максаты болуп, жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү автомобиль, темир жол, суу транспорту менен ташуу боюнча транспорттук кызмат көрсөтүүлөр рыногун (аба транспорту чөйрөсүн кошпогондо) өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, автомобиль жолдорунун сакталышын камсыздоо жана жол-транспорт комплексин өнүктүрүү саналат.

Министрликтин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- жол-транспорт комплекси жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты түзүү жана ишке ашыруу;
- жол-транспорт комплекси чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын, техникалык регламенттердин талаптарынын сакталышын мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо;
- жол-транспорт комплекси чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр рыногун өнүктүрүү жана керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоо;
- автомобиль, темир жол жана суу транспорту менен коопсуз жана үзгүлтүксүз (үзгүлтүктүү) ташууларды камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу;
- жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун, аэропорттордун ички аэропорттук жолдорун, аэродром элементтерин (жасалма учуучу-конуучу жер тилкени, буруучу жолчону жана перронду) куруу, күтүү жана техникалык абалын жакшыртуу үчүн шарттарды түзүү;
- автомобиль, темир жолдорунун тармактарын түзүү, ошондой эле аларды эл аралык транспорттук коридорлор системасына интеграциялоо;
- жүргүнчүлөрдү үзгүлтүксүз автомобилдик ташуулардын маршруттук тармагын түзүү, калктуу конуштарды автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү үзгүлтүксүз ташууну камсыздоо үчүн шарттарды түзүү;
- Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык автомобилдик каттам жөнүндө эл аралык келишимдердин талаптарына ылайык, жүргүнчүлөрдү жана жол жүгүн эл аралык автомобилдик ташууларды, ошондой эле жүктөрдү ташууларды жөнгө салуу.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-июлундагы № 55 "Кыргыз Республикасынын Транспорт жана

коммуникациялар министрлиги жөнүндө" токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин башкаруу схемасына төмөнкүлөр кирген: Жарандык авиация департаменти, “Кыргызаэронавигация” МИ, Автомобилдик суу транспорту жана салмак-габариттик контролдоо департаменти, “Кыргызтрансдолбоор” ДИИ” МИ, Жол чарба департаменти, “Кыргыз темир жолу УК” МИ, “Өндүрүштүк-инновациялык борбор” ММ, “Кыргыз автобекети” МИ, И.Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институту.

КР ТКМнын алдына коюлган максаттарды натыйжалуу ишке ашыруу максатында, КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24 - декабрындагы № 346 “Жол тармагынын системасын өзгөртүү боюнча чаралар жөнүндө” токтому менен, Министрликтин башкаруу схемасында бир катар түзүмдүк өзгөртүүлөр жүргүзүлүп, ага ылайык Жол фонду жана “Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасы түзүлүп башкаруу схемасына киргизилген. “Кыргызавтожол” МИ “Бишкек-Ош” автомобиль жолу дирекциясынын, “Ош-Сарыташ-Иркештам” автомобиль жолу башкармалыгынын (АЖБ), “Бишкек-Нарын-Торугарт” АЖБ, “Жалал-Абад-Балыкчы” АЖБ, “Ош-Баткен-Исфана” АЖБ, “Жалал-Абад курулуш башкармалыгы” МИнин, “Мамлекеттик жол оңдоо курулуш башкармалыгы” МИнин, Жол чарба департаментинин Жол-эксплуатациялык мекемелеринин (ЖЭМ) укук мураскери болуп саналат.

“Кыргызавтожол” МИнин курамында ЖЭБ базасында Жол тейлөө ишканалар (ЖТИ) түзүлгөн жана бюджеттик каржылоодон өзүн-өзү толук каржылоого которулган. Андан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлундагы № 381 “Кыргыз Республикасында жарандык авиацияны башкаруу системасын өркүндөтүү жөнүндө” токтому менен Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жарандык авиация департаменти “Кыргызаэронавигация” мамлекеттик ишканасынын жана И.Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институтунун башкаруу схемасына кошулуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Жарандык Авиация мамлекеттик агенттиги болуп кайра түзүлдү.

## Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин бюджеттик каражаттарынын, атайын эсептин жана башка каражаттардын кирешелер жана чыгашалар сметасынын аткарылышын талдоо

“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин бюджети мамлекеттик инвестицияларды эсепке алуу менен 14 650,9 млн сом суммасында бекитилген,

мамлекеттик инвестицияларды эсепке албаганда КР ТКМнын чыгымдары 3 363,1 млн сом суммасында каралган. 2023-жылга карата такталган бюджет 17 170,6 млн сомду түздү, бул бекитилген бюджетке салыштырмалуу 2 519,7 млн сомго, же 14,7% га көп. Такталган бюджеттин негизги үлүшү өнүктүрүү бюджетине (инвестициялык долбоорлорго) туура келет – 8 217,4 млн сом же жалпы бюджеттин 47,8%.

2023-жылга жол тармагынын учурдагы бюджети 2 127,2 млн сом суммасында каралган, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-майындагы № 270 жана 2023-жылдын 27-июлундагы № 438 тескемелеринин негизинде, Жол фондунун бюджети 1537,1 млн сомго көбөйтүлгөн. Ошондой эле, КР ФМ маалымкат-билдирмесинин негизинде КР ТКМнын борбордук аппаратынын бюджети 54,2 млн сомго, Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин бюджети 126,9 млн сомго көбөйтүлгөн жана Жол транспорт департаментинин бюджети 4,4 млн сомго азайтылган, КР ТКМ учурдагы бюджетинин такталган чыгымдары 4076,8 млн сомду түзгөн. КР ТКМнын 2023-жылга карата бюджетине киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде, Мамлекеттик капиталдык салымдар боюнча чыгашалар 1697,0 млн сомго жана Казыналык милдеттенмелер боюнча 2967,1 млн сомго көбөйтүлгөн. 2023-жыл үчүн кассалык чыгашалар 16 498,2 млн сомду же такталган бюджеттин 96,1% түздү.

Мындан тышкары, максаттуу чыгымдарга каражаттар бөлүндү:

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 1-августундагы № 133 ПТ тескемесине ылайык, Президенттин фондунан Министрликке Жалал-Абад областынын Кара-Көл шаарынын Ленин жана Серый көчөлөрүнө асфальт-бетон каптоо үчүн 31,1 млн сом бөлүнгөн.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 15-августундагы № 146 ПТ тескемеси боюнча Президенттин фондунан КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигине Кара-Жыгач – Сары-Челек автомобиль жолун оңдоого жана курууга - 96,0 млн сом бөлүнгөн.

**КР ТКМ 31.12.2023-ж. карата бюджеттин аткарылышын талдоо**

(миң сом )

| Чыгашалардын беренелеринин аталышы | 2023- жылга карата бекитилген бюджет | 2023- жылга карата такталган бюджет | бюджеттин 2023-жылга карата кассалык чыгымдары | айырма + - | аткаруу % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| Транспорт жана коммуникациялар министрлиги (аппарат). | 63504,7 | 117690,4 | 116 457,8 | -1232,6 | 98,9 |
| Жол чарба департаменти (аппарат). | 76500,0 | 72052,5 | 71 365,4 | -687,1 | 99,0 |
| Жол фонду | 2050700,9 | 3587787,7 | 3 586 802,3 | -985,4 | 99,9 |
| **Жол тармагынын учурдагы бюджети** | **2190705,6** | **3777530,6** | **3774625,5** | | |
| Атайын каражаттар | - | - | - | - | - |
| Мамлекеттик капиталдык салымдар | 100 000,0 | 1 697 000,0 | 1 695 909,2 | -1090,8 | |
| Казна милдеттемелери аркылуу каржылоо | - | 2967079,7 | 2631766,8 | -335312,9 | 88,7 |
| **Жол тармагынын бюджети БАРДЫГЫ** | **3190705,6** | **8441610,3** | **8102301,5** | -339308,8 | 95,9 |
| Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаменти (аппарат) | 31192,7 | 57688,1 | 56477,0 | -1211,1 | 97,9 |
| Жерде жүрүүчу жана суу транспорту департаменти (ведомстволук түзүмдөр) | 141187,7 | 241642,7 | 239241,4 | -2401,3 | 99,0 |
| Жерде жүрүүчу жана суу транспорту департаментинин бюджети **БАРДЫГЫ** | **172380,4** | **299330,8** | **295718,4** | -3612,4 | 98,8 |
| КР ТКМнын учурдагы бюджетинин жыйынтыгы | | **4076861,4** | **4070343,9** | -6517,5 | 99,8 |
| **Мамлекеттик капиталдык салымдар жана** КР ТКМнын бюджети БАРДЫГЫ | | **8740941,1** | **8398019,9** | -7608,3 | 96,0 |
| Өнүгүү бюджети БАРДЫГЫ | **11287825,5** | **8217434,0** | **7888542,7** | -342921,2 | 96,0 |
| ДИАТ (АӨБ) | 5315907,7 | 5113842,2 | 5071941,1 | -41901,1 | 99,2 |
| ДИАТ (ИӨБ) | 1932118,8 | 790491,7 | 465314,7 | -325177,0 | 58,9 |
| ДИАТ (ДБ) | 4039799,0 | 2313100,1 | 2351286,9 | +38186,8 | 101,6 |
| КР ТКМ **(бажы пайызы.)** | - | 212000,0 | 211639,5 | -360,5 | 99,8 |
| КР ТКМнын бюджети. БАРДЫГЫ | 14650911,5 | **17170375,1** | **16498202,1** | -672173,0 | 96,1 |
| Башка булактар: | | | | | |
| Кыргыз Республикасынын Президентинин Фонду | | | **127144,8** | | |

## Аныкталды жана корутунду:

КР ТКМ “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун карап чыгып, 2022-жылдын 16-сентябрындагы № 02-5/4464 каты менен Мыйзам долбоорунун 11-1-тиркемесине өзгөртүү киргизүүгө сунуш киргизет, анда 2023-жылга карата КР ТКМге 003 “Эл аралык транспорттук коридорлорду реабилитациялоо” программасы боюнча 07 чаралар “Жашыл шаарлар 2” Алкактык программасы (терезе 2: Бишкек автобустары) 445 000,0 миң сом жана 08 “Шаардык транспортту электрлештирүү долбоору” 445 000,0 миң сом каралган, аталган каражаттар КР ТКМге тиешеси жок.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан КР ТКМдин каршы пикири көңүлгө алынган эмес жана “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, “Жашыл шаарлар 2, терезе 2” Алкактык программасынын “Бишкек автобустары” долбоорун ишке ашыруунун алкагында бажы жол-жоболору үчүн, КР ТКМге 212 000,0 миң сом каралган. КР Финансы министрлиги тарабынан казыначылык тутумунда “Жашыл шаарлар 2, терезе 2” Алкактык программасынын “Бишкек автобустары” долбоорунун бажы жол-жоболорун каржылоо үчүн, КР ТКМге өзүнчө эсеп ачылып, ага 21 1639,5 миң сом которулган.

КР ТКМ тарабынан 2023-жылдын 29-декабрындагы № 649 тапшырмасы менен, “Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы” муниципалдык ишканасы тарабынан XIAMEN GOLDEN DRAGON BUS CO.LTD өндүрүүчүсүнөн сатылып алынган 124 даана автобус 10,5 метр үчүн бажы жол-жоболорун төлөөгө акча каражаты Түндүк-Чыгыш бажысынын эсебине 211 639,5 миң сом чегерилген, бул КР Бюджеттик кодексин бузуу болуп саналат, мында көрсөтүлгөн чыгымдар КР Бюджеттик кодексинин 53-беренесине ылайык, республикалык бюджеттен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органына максаттуу трансферттер түрүндө берилүүгө тийиш. Аудиттин жүрүшүндө бөлүнгөн каражаттардын максаттуу пайдаланылышын тастыктаган баштапкы документтер суралган. КР ФМ караштуу Мамлекеттик бажы кызматы (Түндүк-Чыгыш бажысы) 2024-жылдын 17- сентябрындагы № 31-07-04/3736 чыгыш каты менен берген документтерге ылайык, бажы жол- жоболоруна максаттуу багыт боюнча 154 453,7 миң сом сарпталган, мында пайдаланылбаган каражаттардын калдыгы 57 185,8 миң сомду түзөт, бул республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирилүүгө тийиш.

**Сунуштама:**

КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы менен биргеликте, XIAMEN GOLDEN DRAGON BUS CO.LTD (Кытай) өндүрүүчүсүнөн сатылып алынган автобустар үчүн бажы жол-жоболорун төлөөгө бөлүнүп берилген акча каражатынын 57 185,8 миң сом суммасында пайдаланылбай калган калдыгы республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирилсин.

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:*

Мындан ары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муктаждыктарын каржылоо бөлүгүндө, бул учурда Бишкек шаарынын мэриясы боюнча, КР Бюджеттик кодексинин 53-беренесин бузууга жол бербестен, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигинин эсебин пайдаланууга жана алардын ишине тиешеси жок негизсиз операцияларды жасоого жол берилбесин.

## “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча бөлүнгөн акча каражаттарынын аудити

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы № 388 тескемеси менен Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча “Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан” темир жолун куруу долбоорунун техникалык-экономикалык негиздемесин иштеп чыгуу боюнча иштердин Тапшырыкчысы болуп “Кыргыз темир жолу “Улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы, Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча жер тилкесинде "Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан" темир жолун куруу долбоорунун техникалык-экономикалык негиздемесин иштеп чыгуу боюнча иштердин аткаруучусу болуп Кытай темир жол курулуш корпорациясынын долбоорлоо-изилдөө институту аныкталды.

"Кыргыз темир жолу "Улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасы азыркы этапта "Кыргыз темир жолу "Улуттук компаниясы" мамлекеттик ишканасы менен Кытай темир жол курулуш корпорациясынын долбоорлоо-изилдөө институтунун ортосунда Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча жер тилкесинде "Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан" темир жолун куруу долбоорунун техникалык-экономикалык негиздемесин иштеп чыгуу боюнча эки тараптуу келишим түзүлгөндүгүн 2022-жылдын 14-июлундагы каты менен КР ТКМге кайрылып билдирет. Бул Контрактка үстүбүздөгү жылдын 14-июлунда 17 132 600 АКШ доллары суммасында, салыктарды эске албаганда, кол коюшкан. Контракттын шарттарына ылайык, ТЭН иштеп чыгуу боюнча иштерди баштоо үчүн кардар ТЭН иштеп чыгуунун жалпы наркынын 20% өлчөмүндө баштапкы төлөмдү төлөөгө милдеттүү, б.а. 3 426 520 АКШ долларын түзөт жана "Кыргыз темир жолу "УК" МИге контракт боюнча

баштапкы төлөмдү жүргүзүү үчүн 4 180 354 АКШ доллары өлчөмүндө финансы каражатын ишти эртерээк баштоо үчүн бөлүп берүүнү суранат.

Белгилей кетчү нерсе, 2022-жылдын 15 – июлундагы № 388-т тескемесинде КР ТКМнын ролу жана “Кыргыз темир жолу” УК“ МИнин алдында жана Кытай темир жол курулуш корпорациясынын долбоорлоо-изилдөө институтунун алдында кандайдыр бир контракттык конкреттүү милдеттери аныкталбастан КР Финансы министрлиги тарабынан КР ТКМ борбордук аппаратына “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча каржылоо ачылган. Авизо-билдирүүнү тариздөө жолу менен КР ТКМ 2022-жылы “Кыргыз темир жолу” УК” МИнин эсебине 483 839,0 миң сом жана 2023-жылы **52 663,4** миң сом которгон.

**Сунуштама:**

1. *Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:*

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы №388-т тескемесине ылайык, бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүү бөлүгүндө, “Кыргыз темир жолу” УК” МИси менен Кытай темир жол курулуш корпорациясынын долбоорлоо-изилдөө институтунун өз ара мамилелеринде, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин ролу жана конкреттүү милдеттери аныкталсын.

2. *Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:*

“Кыргыз темир жолу” Улуттук компания” мамлекеттик ишканасынын Кытай темир жол курулуш корпорациясынын долбоорлоо-изилдөө институтунун алдындагы контракттык милдеттенмелерин транзиттик каржылоо үчүн, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алыш-бериш эсебин негизсиз пайдаланууга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду:**

КР Финансы министрлиги тарабынан КР ТКМ боюнча “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча республикалык бюджеттен каржылануучу Курулуш объекттеринин тизмесин бекитүүдө “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин 4-пунктун жана “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесин бузуу менен, 80 объект боюнча 143 178,9 миң сом суммасында жергиликтүү маанидеги жолдорду куруу жана оңдоо киргизилген, бул дагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы № 855 токтому менен бекитилген “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү жөнүндө” Жобону бузуу болуп саналат.

**Сунуштама:**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:*

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги боюнча “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча республикалык бюджеттен каржылануучу Объекттеринин тизмесин бекитүүдө, каржылоодо Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын бузууга жол бербестен, “Автомобиль жолдору жөнүндө”, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30–декабрындагы № 855 токтому менен бекитилген “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү жөнүндө” Жобо милдеттүү түрдө жетекчиликке алынсын.

**КР ТКМнын борбордук аппараты боюнча**

КР ТКМнын борбордук аппаратынын 2023-жылга алгачкы бекитилген бюджети 63 504,7 миң сомду, такталган бюджети 117 690,4 миң сомду түздү, мында чыгымдардын көбөйүшү 54 185,7 миң сомго же 85% га жүргүзүлгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомун бузуу менен, 2023-жылга карата КР ТКМнын борбордук аппаратынын штаттык саны Министрликтин 2023-жылдын 27-февралындагы № 53 буйругу менен 97 штаттык бирдик санында бекитилген, анын ичинде: негизги курамы 82 бирдикке жана ТТП менен 15 бирдикке барабар.

Борбордук аппараттын штаттык санынын курамында аймактык бөлүмдөрдүн 16 бирдиги негизсиз катталган. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жогоруда аталган токтомдун 5-пунктунда бардык министрликтерди жана мамлекеттик органдарды бир айлык мөөнөттө түзүмдөрүн жана штаттык санын ушул токтомго ылайык келтирүүнү милдеттендирген. Бирок, КР ТКМ тарабынан ушул күнгө чейин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому аткарылбай келет.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин борбордук аппаратынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомуна ылайык, түзүмү жана штаттык чеги шайкеш келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Эмгек акыны эсептөөнүн жана төлөөнүн тууралыгына аудиттин жүрүшүндө төмөнкүлөр аныкталды: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 7-августундагы № 337/13 “Жашыруун” токтомуна жана аталган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 4-мартындагы № 99/2 “Жашыруун” токтому менен киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, КР ТКМнын борбордук аппаратында мобилизациялык даярдык боюнча иш-чараларды аткаруу үчүн проценттик үстөк акы төлөмү жүргүзүлүүдө. 2023-жыл үчүн ай сайын КР ТКМнын Борбордук аппаратынын 10 кызматкерине мобилизациялык даярдык үчүн үстөк акы төлөнүп, жыл ичинде **814,7** миң сомду түздү. Бирок, аталган маселе боюнча эч кандай иш-чаралар жана иштер жүргүзүлбөстөн же аткарылбастан төлөм жүргүзүлгөн. Ошондой эле, КР ТКМде мобилизациялык топ түзүү жана иштин конкреттүү жер тилкеси үчүн жоопкерчиликти мобилизациялык топтун (бөлүмдүн) мүчөлөрүнө жүктөө жөнүндө буйруктар жок жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине аталган маселе боюнча кандай иш-чаралар өткөрүлгөндүгү тууралуу маалымат берилген эмес. Акыркы жылдары, мобилизациялык иш-чараларга жооптуу болгон Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен тапшырмалар түшкөн жок. Демек, бул кошумча акы төлөө негизсиз жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 7-августундагы №337/13 “Жашыруун” токтомунун аракети актуалдуу болгон учурда, бүгүнкү күндө мобилизациялык даярдык маселеси боюнча ким, качан жана кандай аткарылган иш-чаралар үчүн кошумча акы алууга укуктуу экендиги жөнүндө конкреттештирүүчү Жобо иштелип чыксын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык, турмуш-тиричилик материалдарынын жана кеңсе товарларынын, башка чийки заттардын жана материалдардын нормативден ашыкча запастары 160,0 миң сом суммасында аныкталган.

**Сунуштама**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине*

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Борбордук аппаратын каржылоодо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому

менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык, турмуш-тиричилик материалдарынын жана кеңсе товарларынын, башка чийки заттардын жана материалдардын нормативден ашыкча запастары 160,0 миң сом суммасында акча каражатын республикалык бюджеттин кирешесине эсепке алуу жүргүзүлсүн.

**Жол фонду боюнча**

2023-жылга Жол фондунун чыгымдарынын бекитилген сметасы 2 050,7 млн сомду жана такталганы 3 587,8 млн сомду түздү, кассалык чыгымдар 3 586,8 млн сом суммасында жүргүзүлдү.

Чыгымдардын беренелери боюнча сметанын аткарылышы төмөнкү маалыматтар менен мүнөздөлөт:

(миң сом )

| Берене | Берененин аталышы | Смета боюнча бекитилген | Смета боюнча такталган | Четке кагылды (+; -) гр.3-гр.4 | Кассалык чыгымдар | четке кагылды (+; -) Гр.4-гр.6 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| 2111 | Айлык акы | 26 879, 5 | 17 240,0 | -9 639 500 | 17222,5 | -17,5 |
| 2121 | СФКР болгон чегерүүлөр | 4 047,5 | 2 527, 3 | -1 520, 2 | 2492,4 | -34,9 |
| 2211 | кызматтык иш – сапарларга кеткен чыгымдар | 200,0 | 130, 0 | - 70,0 | 76,7 | -53,3 |
| 2212 | байланыш кызматы | 120,0 | 63,0 | -57,0 | 28,6 | -34,4 |
| 2213 | ижара акысы | 700,0 | 1 150,0 | + 450,0 | 1150,0 | - |
| 2214 | транспорт кызматы | 400,0 | 400,0 | - | 399,1 | -0,9 |
| 2215 | башка кызматтарды сатып алуу | 50 000,0 | 106 399,7 | +56 399,7 | 106334,8 | -64,9 |
| 2222 | учурдагы чарба иштерине материалдарды сатып алуу | 480,0 | 480,0 | - | 158,7 | -321,3 |
| 3111 | имараттар жана курулмалар | 1 967 753, 9 | 2 217 266,9 | +249 513,0 | 2217266,9 | - |
| 3112 | машиналар жана жабдуулар | 120,0 | 1 242 130,8 | +1 242 010,8 | 1241672,5 | -458,3 |
| | **бардыгы** | **2 050 700,9** | **3 587 787,7** | **+1 537 086,8** | **3586802,3** | **-985,4** |

**Аныкталды жана корутунду:**

Жол фондунун аткаруу органын (аппаратын) күтүү Жол фондунун эсебине келип түшкөн каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 34-1-беренелерине ылайык, Жол фондуна каралган бюджеттик каражаттардын көлөмү жана чыгымдар

кезектеги бюджеттик жылга жана пландык мезгилге республикалык бюджет жөнүндө мыйзам менен өзүнчө сап менен бекитилет. Жол фондунун чыгымдарын бекитүүдө, Жол фондунун ишин финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылууга канча % чыгымдалышы мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн эмес, демек, тиешелүү түрдө Жол фондунун жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун өнүктүрүүгө жана сактоого кеткен чыгымдары республикалык бюджетте Жол фондунун ишин финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылууга багытталган чыгымдардан өзүнчө чагылдырылууга тийиш.

Жол фондунун киреше булактары салыктык эмес түшүүлөрдүн 15 түрү болуп саналат, Жол фондунун каражаттары республикалык бюджетте топтолот, атайын багытка ээ жана алып коюуга же башка муктаждыктарга жумшоого жатпайт.

Жол фондун түзүүнүн максаты, Кыргыз Республикасынын аймагында жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун жана жол тармагын долбоорлоо, куруу, күтүү, оңдоо, реконструкциялоо жана техникалык өнүктүрүү үчүн финансылык ресурстарды түзүү болуп саналат. Жол фонду максаттуу фонд болуп эсептелет.

**Сунуштама:**

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:*

Жол фондунун каражаттарын натыйжалуу пайдалануу максатында, Жол фондунун аппаратынын ишин финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыздоого каржылоонун конкреттүү көлөмүн Жол фондунун эсебине түшкөн кирешелердин жалпы көлөмүнүн пайыздык катышы менен аныкталсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

2023-жылга Жол фонду тарабынан 3 949 299,1 миң сом өлчөмүндө кирешелердин түшүүсү пландаштырылган, иш жүзүндө Бирдиктүү казыналыктын аккумуляциялык эсебине Жол фондунун кирешелери 4 557 533,0 миң сом суммасында түшкөн. Жол фондунун чыгымдарынын такталган сметасы 3 587 787,7 миң сомду түздү же, иш жүзүндө түшкөн кирешелерден 969 745,3 миң сомго аз. 2023-жылы Жол фондунун кассалык чыгымы 3 586 802,3 миң сом суммасын түзүп, анын ичинен: жолдорду жана жол курулмаларын оңдоого 2 217 266,9 миң сом же, жалпы кассалык чыгымдарынын 62% жумшалган.

Жолдорду жана жол курулмаларын оңдоо объекттеринин бекитилген Жыйынды тизмеси боюнча 2023-жылга 4 579 814,8 миң сомго оңдоо иштери пландаштырылган, мында, иш жүзүндө каржылоо 2 217 266,9 миң сомду же 2023-жылга пландаштырылган оңдоо иштеринин 48,4% түздү. Каражаттар болгон учурда Фонд тарабынан 2023-жылга чыгымдардын сметасы өз убагында көбөйтүлгөн эмес, анда 2023-жылы Бирдиктүү казыналык эсептин

аккумуляциялык эсебине түшкөн Фонддун кирешелеринин 969 745,3 миң сому пайдаланылбай калган. Ошондуктан, 2023-жылга пландаштырылган оңдоо иштеринин көпчүлүк бөлүгү аткарылган жок.

**Сунуштама:**

Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун күтүү, ондоо жана өнүктүрүү боюнча пландаштырылган иш-чараларды каржылоону өз убагында камсыз кылуу максатында, "Жол фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2, 3-беренелерине ылайык, Жол фонду тарабынан бекитилген чыгымдардын сметасына өзгөртүүлөр өз убагында киргизилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 6-мартындагы № 95-т тескемесине ылайык, "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасына 3112 "Машиналар жана жабдуулар" беренесинен 1 241 560,8 миң сом сатылып алына турган атайын жол техникасы жана жабдуулары үчүн акы төлөөгө которулган. Жол фондунун алгачкы бекитилген бюджети боюнча 3112 "Машиналар жана жабдуулар" беренеси боюнча чыгымдар каралган эмес. "Жол фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №346 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол фонду жөнүндө" Жобону бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасына жол-курулуш техникасынын паркын жаңылоого Жол фондунун каражаттарынын эсебинен каражат бөлүү боюнча, 2023-жылдын 6-мартындагы № 95-т тескемеси кабыл алынган. Ошондой эле, КР ТКМ 2022-жылдын 23-майындагы № 171 буйругу менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жол чарба департаментинин, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жол фондунун жана КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасынын өз ара аракеттенүүсү жөнүндө убактылуу жобо" (регламент) бузулган. Ушул Регламентке ылайык, Жол чарба департаменти төмөнкүлөрдү ишке ашырат: жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун долбоорлоо, куруу, реконструкциялоо, оңдоо жана күтүү үчүн товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну жана жол чарбасынын муктаждыктарын камсыз кылууну жана ага ылайык жол-курулуш техникасынын паркын жаңылоого каражаттар Жол чарба департаментине бөлүнүүгө тийиш болчу. Жыйынтыгында, "Кыргызавтожол" МИ "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталбастан,

республикалык бюджеттин 2 581 455,7 миң сом суммасындагы каражатка жол техникалары жана жабдуулары сатып алынган.

*3112 "Машиналар жана жабдуулар" беренеси боюнча жүргүзүлгөн чыгымдар:*

| | Контракттын аталышы | Келишимдин суммасы (сом) КР УБ курсу боюнча - 87,42 с | «КАЖ» МИ төлөнду |
|---|---|---|---|
| 1 | Контракт №CHMC-2023 HT602004 №14, 22/02/2023-ж., «China National Heavy Machinery Corporation» (жабдуулар) | 583 388 628 | 243 204 160 |
| 2 | Контракт №ST-Kyrgyzavtozhol-2023/02/30/ №11, 06/02/2023-ж., Курулуш техникасынын (атайын техника) «Шаньдун экспорт-импорт компаниясы | 1 579 460 850 | 658 839 300 |
| 3 | Контракт №ST-Kyrgyzavtozhol-2023/02/16/ №13, 16/02/2023-ж., “Шандун экспорттук-импорттук курулуш техникасы компаниясы” (атайын техника) « | 135 588 420 | 56 499 500 |
| 4 | 2022-жылдын Контрагы «СМК» ЖЧК (КР) менен, №ТС-163, 26.07.2022-ж. | 114 070 323 | 114 070 323 |
| | “Экспресс Деливери” ЖЧК менен Контракт 10.11.2023-ж., №206 | 56 478 000 | 56 478 000 |
| 5 | ЖБД боюнча бюджетке төлөнгөн бажы чыгымдары кайтарылды. | 112 469 500 | 112 469 500 |
| | **Бардыгы (сом)** | 2 581 455 721 | 1 241 560 783 |

Каржылоо үчүн берилген бардык контракттар “Кыргызавтожол” МИси тарабынан түзүлгөн, өткөрүлгөн конкурстук тооруктар, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибине” ылайык жүргүзүлгөн.

КР Бюджеттик кодексинин 114-беренесинин 6-пунктуна ылайык, бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан товарларды (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) сатып алуу колдонуудагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат. “Жол фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, Жол фондунун каражаттарын максаттуу багытта пайдалануу жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине жүктөлөт. “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамынын 47-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Жол фондунун каражаттарынын эсебинен жүргүзүлүүчү сатып алууларга “Кыргызавтожол” МИ тарабынан түзүлгөн

бардык контракттар жараксыз деп эсептелет. “Кыргызавтожол” МИ тарабынан түзүлгөн Фонддун каражаттарынын эсебинен сатып алуу боюнча контракттардын суммасы 2 581 455,7 миң сомду түзөт, анын ичинен, 2023-жылы Фонд 1 241 560,8 миң сомду каржылаган.

**Сунуштама:**

1. *Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:*

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын бузууларга жол бербөө, Жол фондунун каражаттарын максаттуу жана сарамжалдуу пайдаланууга көзөмөлдү күчөтүү максатында, Жол фондунун түздөн-түз Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине баш ийүүсү жөнүндө маселеси каралсын.

2. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги, мындан ары бюджеттик каражаттарды чыгымдоодо, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин жана “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын так сактасын.

**Аныкталды жана корутунду**

Жол-курулуш техникасын жана автотранспорт каражаттарын “Кыргызавтожол” МИнин балансына киргизүү жана коюу актыларында датасы көрсөтүлгөн эмес, ошондой эле ММБФнын буйругунун номери жана датасы жок, техниканы жана транспорт каражаттарын алгандыгы жөнүндө ырастоочу документтер Жол фондуна берилген эмес: коммерциялык инвойс, транзиттик декларация, жүк коштомо кагазы, техникалык паспорттор ж.б. у. с. Жол фонду тарабынан 1 241 560,8 миң сом суммасындагы акча каражаттарын которуу, ырастоочу документтери жок ишке ашырылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Жол фонду тарабынан иш-чараларды жүзөгө ашыруу жөнүндө ырастоочу баштапкы документтер жок болгон учурда акча каражаттарын которуу жүргүзүлбөсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Жол фонду тарабынан “Өндүрүштүк-инновациялык борбор” мамлекеттик мекемесине (“ӨИБ” ММ) 2215 “Башка кызматтарды сатып алуу” беренесинен жумушчу документтерди иштеп чыгууга жана программалык тейлөөгө, автомобиль жолдору боюнча маалыматтарды чогултуу жана кыймылдын интенсивдүүлүгүн эсептөө үчүн 21 253,9 миң сом жана “Кыргызжолтрансдолбоор” мамлекеттик ишканасына автомобиль жолдорун реконструкциялоо жана куруу объекттери боюнча Долбоордук-сметалык документтерди (ДСД) иштеп чыгууга 61 371,6 миң сом суммасында акча каражаты которулган. Сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзбөстөн, КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлундагы № 379 токтомунун негизинде, КР ТКМнын чарбалык эсептеги түзүмдүк бөлүмдөрүнө **82 625,5**

миң сом суммасында бюджеттик каражаттар которулган, анын ичинде: "ӨИБ" мамлекеттик мекемесине 21 253,9 миң сом жана "Кыргызжолтрансдолбоор" мамлекеттик ишканасына 61 371,6 миң сом. Мамлекеттик ресурстарды натыйжалуу жана үнөмдүү пайдалануу максатында, КР "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамы мамлекеттик сатып алуулардын жалпы укуктук жана экономикалык принциптерин белгилейт жана мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруунун тартибин жөнгө салат. КР ТКМнын түзүмүндө турган жогоруда аталган ишканалар өзүн-өзү каржылоодо жана көрсөтүлгөн кызматтардын жана жумуштардын монополисттери болуп саналбагандыгына байланыштуу, бюджеттик каражаттарды натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдалануу максатында КР ТКМнын түзүмдөрү жүргүзүлгөн сатып алуу жол-жоболорунун жыйынтыгы боюнча контракттарды сатып алууга тийиш.

**Сунуштама:**

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:*

Жол фондунун каражаттарын пайдалануу бөлүгүндө тиешелүү чечимдерди кабыл алууда "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары так жетекчиликке алынсын.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол чарба департаменти тарабынан, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, жүргүзүлгөн сатып алуулардын жол-жоболорунун жыйынтыгы боюнча көрсөтүлгөн жумуштарга жана кызматтарга акча каражаттарын которуу үчүн Жол фондуна табыштама берилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Жол фондун түзүүнүн максаты, "Жол фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун жана жол тармагын долбоорлоо, куруу, күтүү, оңдоо, реконструкциялоо жана техникалык өнүктүрүү үчүн финансылык ресурстарды түзүү болуп саналат. Жол фонду максаттуу фонд болуп эсептелет. Бирок, аталган Мыйзамды бузуу менен, КР ТКМ Фонддун каражаттарын өзүнүн ички проблемаларын чечүү үчүн пайдаланган. Жол фондунун бюджетинен КР ТКМнын борбордук аппаратынын чыгымдар сметасына **22 159,3** миң сом негизсиз жылдырылган, анын ичинен: КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментине 2020-жылдын 13-январындагы ха № ЭД-07/18мбс5 аткаруу баракчасы боюнча 10% өлчөмүндө аткаруу жыйымы, 2023-жылдын 5-апрелиндеги токтомуна ылайык, 18218,0 миң сом которулган. КР ТКМ борбордук аппаратынын чыгымдары төмөнкү беренелер боюнча көбөйтүлгөн: "Эмгек акы" 200,0 миң сомго, "Соцфондго чегерүү" 34,5 миң сомго, "Жайларды ижаралоо" 2897,3 миң сомго, "Иш сапар чыгымдары" 800,0 миң сомго, соц.төлөмдөр 9,5 миң сомго, КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жерде

жүрүүчү жана суу транспорту департаментине 5020,2 миң сомго. Алар таануу камераларды орнотууга - 4332,9 миң сом, интернетке кошулууга - 223,3 миң сом, компьютердик жабдууларды сатып алууга – 200,0 миң сом, булалуу-оптикалык байланыш чубалгысын өткөрүүгө – 136,0 миң сом, 2022-жылга карата кредитордук карыздарды жоюуга -128,0 миң сом жумшалган.

КР ТКМге караштуу Жол чарба департаментине-1982,0 миң сом, алар төмөнкүлөргө багытталган: жайларды ижарага алуу-500,0 миң сом жана транспорттук чыгымдар-1482,0 миң сом. “Жол фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 2-пунктун *“Жол фондун түзүүнүн максаты Кыргыз Республикасынын аймагында жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун жана жол тармагын долбоорлоо, куруу, күтүү, оңдоо, реконструкциялоо жана техникалык жактан өнүктүрүү үчүн финансы ресурстарын түзүү болуп саналат. Жол фонду максаттуу фонд болуп саналат”* бузуу менен, КР ТКМ КР Финансы министрлиги менен биргеликте Жол фондунун каражаттарынан негизсиз жылдыруулар жүргүзүлүп, **29 161,5** миң сом максатсыз пайдаланылган.

**Сунуштама:**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:*

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесине ылайык, 29 161,5 миң сом суммасындагы Жол фондунун каражаттарын максатсыз пайдалануу маселеси каралсын, анын ичинде КР ТКМнын борбордук аппараты – 22 159,3 миң сом, Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаменти – 5 020,2 миң сом жана Жол чарба департаменти - 1982,0 миң сом.
- Жол фондунун 29161,5 миң сом суммасындагы каражаттарын негизсиз жылдыруу менен максатсыз чыгымдарга жол берген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:*

Бюджеттик каражаттарды пайдаланууда бузууларга алып келген, “Жол фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын, Жол фондунун каражатын максаттуу пайдалануу бөлүгүндө, системалуу түрдө бузууларга жол берген Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин жетекчилигинин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, конкурстук тооруктарды өткөрбөстөн Жол фонду тарабынан КР ТКМнын 2023-жылдын 23-мартындагы № 85 “Квалификацияны жогорулатуу боюнча семинар өткөрүү жөнүндө” буйругунун негизинде, КР ТКМге караштуу “Өндүрүштүк-инновациялык борбор” мамлекеттик мекемесине семинар өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүгө 205,3 миң сом каражат которулган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигинин борборлоштурулган иш-чараларындагы бардык чыгымдар Министрликтин борбордук аппаратынын чыгымдар сметасында каралсын, бардык сатып алуулар “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы № 346 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол фонду жөнүндө” Жобого ылайык, финансы каражаттарын бөлүштүрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол чарба департаментинин функцияларын өткөрүп берүү менен, Фонд жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун каржылоо, долбоорлоо, күтүү, оңдоо, реконструкциялоо, куруу жана өнүктүрүү үчүн акча каражаттарын топтоо максатында түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-февралындагы № 68 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жол чарба департаменти жөнүндө” Жобого ылайык, Департаменттин негизги иш-милдеттери болуп жол чарбасын башкаруу жана бөлүнгөн каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышын контролдоо, ошондой эле жол чарбасы жаатында мамлекеттик тапшырыкчы катары иш алып баруу саналат.

Натыйжада, Жол фонду менен Жол чарба департаментинин ортосунда каржы каражаттарын бөлүштүрүүдө жана алардын пайдаланылышын көзөмөлдөөдө функциялардын кайталанышы байкалат. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-декабрындагы ПЖ №541 “Республикалык бюджеттин чыгашаларын оптималдаштыруу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттарды пайдалануусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгына ылайык, КР Министрлер Кабинетине бири-бирин кайталаган функцияларды жоюунун негизинде мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын санын инвентаризациялоо жана оптималдаштыруу милдети коюлган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан, кайталануучу функцияларды жоюу, республикалык бюджеттин каражаттарын максаттуу жана сарамжалдуу пайдаланууга көзөмөлдү күчөтүү максатында, Жол фондун түздөн-түз Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине баш ийүүсү жөнүндө маселеси каралсын.

**Жол чарба департаменти (КР ТКМге караштуу ЖЧД)**

“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, КР ТКМге караштуу ЖЧДнын аппаратын күтүүгө республикалык бюджеттен 76 500,0 миң сом каралган 2023-жылдын 12 ай үчүн сметасы 1 769 052,5 миң сом суммасында такталган, КР ТКМге караштуу ЖЧДнын аппараты – 72 052,5 миң сом, мамлекеттик капиталдык салымдары – 1 697 000,0 миң сом. Кассалык чыгымдар 1 767 274,6 миң сомду түздү, алардын ичинен: КР ТКМге караштуу ЖЧДнын аппараты – 71 365,3 миң сом, мамлекеттик капиталдык салымдары – 1 695 909,2 миң сом. Мындан тышкары, КР ТКМге караштуу Жол фонду тарабынан – 2 310 816,3 миң сом каржыланды, анын ичинен:

-“Кыргызавтожол” МИге - 2 217 266,9 миң сом;

- “Кыргызжолтрансдолбоор” долбоорлоо-изилдөө институту” МИге - 61 371,6 миң сом;

- “ӨИБ” МИге - 21 253,9 миң сом;

- ар түрдүү объекттер боюнча - 10 923,8 миң сом.

Ошондой эле, Президенттин фондунан КР ТКМ аркылуу 127 144,8 миң сом которулган, анын ичинен, “Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасына 126 786,0 миң сом жана “Кыргыздортрансдолбоор” ДИИ” мамлекеттик ишканасына 358,7 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги аркылуу казыналык милдеттенмелер боюнча Жол чарба департаментинин подрядчыларын каржылоо ачылган, анын жалпы суммасы 2 631 766,8 миң сом:

- КР ТКМге караштуу “Кыргызавтожол” МИге учурдагы бюджет боюнча – 505 350,4 миң сом;

- КР ТКМге караштуу “Кыргызавтожол” МИнин мамлекеттик капиталдык салымдары беренеси боюнча – 1 039 564,5 миң сом;

- “Жагалмай” ЖЧКсына Баткен-Карабак-Чон-Талаа а/ж обьектиси боюнча -83 330,4 миң сом;

- “Вега Строй ЛТД” ЖЧКсына Ош шаарындагы Обходная а/ж обьектиси боюнча - 80 000,0 миң сом;

- “Кок-Таш-Ак-Сай-Тамдык” обьектиси боюнча “Жалал-Абад СМУтт” ЖАКсына – 76 655,3 миң сом;

- “Мин-Булак-Чорго-Ак-Сай” обьектиси боюнча “Жалал-Абад СМУтт” ЖАКсына– 79 941,5 миң сом;

- “Түп-Кеген обьектиси боюнча Терра Эмплоймент Груп” ЖЧКсына - 25 192,30 миң сом;

- “Лонг Хай” ЖЧКсына - 300 000,0 миң сом;

- “Мостдорстрой” ЖЧКсына “Ак-Тилек” көпүрөсү - 15 248,2 миң сом ;

- “Кыргыздортрансдолбоор” ДИИ” МИге мамлекеттик капиталдык салымдардын ар түрдүү объектилери боюнча– 20 000,0 миң сом.

*2023-жылдын 12 айында учурдагы бюджет боюнча аткарылган иштердин жалпы көлөмү-2 904 418,0 миң сомду түзөт, анын ичинде:*

- *орто оңдоп – түзөө иштери – 1 267 942,87 миң сом;*
- *учурдагы оңдоп – түзөө иштери – 530 870,8 миң сом;*
- *кышкы күтүү – 366 247,9 миң сом;*
- *жайкы күтүү – 81 517,27 миң сом;*
- *көпүрөлөрдү куруу – 530 870,8 миң сом;*
- *башка иштер – 630 837,9 миң сом.*

***Бүткөрүлө элек курулуш*** – бүткөрүлө элек курулуштун наркына таандык чыгымдар-4 289 105,8 миң сом, негизинен Балыкчы-Чолпон-Ата –Корумду жана Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол реконструкциялоо боюнча объекттер, “Кыргызавтожол” МИнин объекттери жана башка объекттер.

Бүткөрүлө элек курулуштардын негизги фонд деп кабыл алынганы 764 311,6 миң сомду түздү.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022 - жылдын 12-июлундагы № 379 “Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун оңдоонун жана куруунун айрым маселелери жөнүндө” токтому (мындан ары-Токтом) менен 1 жана 2-пункттарда “Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасы, учурдагы бюджеттин объекттери жана мамлекеттик капиталдык салымдар боюнча бюджет боюнча жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун капиталдык жана орто оңдоо боюнча иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн подрядчысы болуп аныкталган. Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунун курулушун долбоорлоо боюнча кызмат көрсөтүүчүлөр болуп “Кыргызжолтрансдолбоор” долбоорлоо-изилдөө институту” мамлекеттик ишканасы жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы "Өндүрүштүк-инновациялык борбор" мамлекеттик мекемеси аныкталган.

Ошону менен бирге, Токтомдун 3 жана 4 – пункттары менен Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги (мындан ары-Министрлик) **шаарларды кошпогондо,** Кыргыз Республикасынын бардык аймагында жаңы автомобиль жолдорун курууга тапшырыкчы катары аныкталган. “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын

Мыйзамынын 23 жана 24-беренелери боюнча: "*Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору жагынан жол ишин жүзөгө ашырууну транспорт жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган камсыздайт. Ведомстволук жана муниципалдык маанидеги автомобиль жолдору, ошондой эле жеке менчик автомобиль жолдору жагынан жол ишин жүзөгө ашыруу алардын менчик ээлери тарабынан камсыздалат".*

Ошондой эле, бул Токтом менен КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасы, "Кыргызжолтрансдолбоор" долбоорлоо-изилдөө институту" мамлекеттик ишканасы жана "Өндүрүштүк-инновациялык борбор" мамлекеттик мекемеси үчүн жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн объекттик тизмесин аныктоого ыйгарым укуктуу.

Бул ишканалар толук өзүн-өзү каржылоодо жана көрсөтүлгөн кызматтардын монополисттери болуп саналбагандыгына байланыштуу келишимдер, контракттар "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" КР Мыйзамына ылайык конкурстук тооруктардын жыйынтыктары боюнча түзүлүүгө тийиш.

Министрликтин 2022-жылдын 23-майындагы № 171 буйругу менен Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жол чарба департаментинин (мындан ары - Департамент), Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жол фондунун жана "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасынын өз ара аракеттенүүсү жөнүндө убактылуу жобо (регламент) бекитилген (мындан ары – Убактылуу жобо).

Убактылуу жобонун 24-пунктунда: "*Департамент автомобиль жолдорун учурдагы оңдоого жана күтүүгө мамлекеттик тапшырыктарды "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасына өткөрүп берет",* деп көрсөтүлгөн.

Мында, белгилеп кетсек, жогоруда аталган КР Министрлер Кабинетинин токтомуна ылайык, Департаментке иштин тапшырыкчысы катары чыгууга ыйгарым укук берилген эмес. Токтомдун 3 жана 4-пункттарына ылайык, Министрлик тарабынан шаарларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын бардык аймагында жаңы автомобиль жолдорун курууга тапшырыкчы болуп аныкталган.

Бирок, Департамент, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, конкурстарды жүргүзбөстөн "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасына автомобиль жолдорун учурдагы оңдоо жана күтүү боюнча иштерден тышкары, автожолдорду жаңы куруу жана капиталдык оңдоо боюнча иштерди да өткөрүп берген, бул Убактылуу жобонун 24-пунктунун талаптарын бузат.

Ошол эле учурда, жогорудагы токтомдун 1-пунктунун талаптарына ылайык, “Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасы жумуштардын подрядчысы болуу менен, мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун жүргүзүү аркылуу ачык тооруктарды өткөрбөстөн, жумуштарды аткаруу боюнча милдеттерди коммерциялык субподрядчиктерге өткөрүп берген.

Мисалы, Департамент тарабынан мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболору “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык өткөрүлгөн:

| конкурстун № | Пландалган сумма | Экономия, сом менен | Экономия % менен |
|---|---|---|---|
| 230419379274524 | 524 874 | 20 874 | 4 |
| 230815397623573 | 85 706 000 | 4 162 860 | 5 |
| 231003405623511 | 47 757 070 | 1 257 070 | 3 |

Департаменттин сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүүдөгү үнөмдөөлөрдү талдоонун негизинде бюджеттик каражаттарды орточо үнөмдөө пландалган сатып алуулар суммасынын 4%ды түзөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайларга карабастан, Департамент “Кыргызавтожол” МИ учурдагы оңдоодон жана автомобиль иштерин күтүү боюнча жумуштардан башка иштерди өткөрүп берүүгө ыйгарым укугу жок. Департамент тарабынан мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун жүргүзбөстөн автомобиль жолдорун жаңы куруу жана капиталдык оңдоо иштери, “Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасына **1 903 124,5** миң сомго 38 объект өткөрүлүп берилген. Эгерде, Департамент тарабынан мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболору жүргүзүлсө, шарттуу үнөмдөө 144 875,3 миң сомду түзмөк, орточо үнөмдөө пландаштырылган суммадан 4%ды түзөт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022 - жылдын 12-июлундагы № 379 “Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун оңдоонун жана куруунун айрым маселелери жөнүндө” токтомунун кабыл алынышы, **144 875,3** миң сом суммасында эсептелип бюджеттик каражаттардын шарттуу жоготууларына алып келди.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын “Автомобиль жолдору жөнүндө” Мыйзамынын 22-беренесинин 4-бөлүгүн жана 26-беренесинин 3-пунктунун 1-бөлүгүн бузуу менен, КР ТКМнын тарабынан 2023-жылы негизсиз толугу менен каржыланган жана Жол чарба департаментинин балансында катталбаган **шаарлардагы** жолдорду оңдоо-куруу иштеринин объектилеринин тизмеси боюнча - 29 объект **155 654,4** миң сом суммасында аныкталган.

**Сунуштама:**

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:*

Бюджеттик каражаттарды пайдаланууда бузууларга алып келген, “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын системалуу түрдө бузууларга жол берген, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин жетекчилигинин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

2018-жылы КР ТКМ КР ТКМге караштуу Жол чарба департаменти аркылуу 36 айга эсептелген жол активдерин башкаруу системасы (ЖАБС) Фаза-1, 2018-жылдын 12-июнундагы Техникалык тапшырма (мындан ары – ТТ) боюнча ишке ашырууга киришти. ТТга ылайык, асфальт-бетон төшөлгөн автожолдорду инвентаризациялоо пландаштырылган. Destia-Finnroad аткаруучу компания менен контракка 2018-жылдын сентябрында кол коюлган жана 2021-жылдын декабрында аяктаган, бирок, COVID-19 кырдаалына байланыштуу 2022-жылга чейин узартылган.

2023-жылы ЖАБС Фаза-2 ишке ашыруу башталды. ЖАБС долбоорунун алкагында, Кыргызстан, Борбордук Азия региондук экономикалык кызматташтык программасынын (мындан ары-БАРЭК) катышуучу-өлкөсү болуу менен жол кыймылынын коопсуздугу боюнча демилгелерди ишке ашырууну тездетүүгө милдеттеништи. Бирок, автомобиль жолдорун оңдоонун бюджетин түзүүнү тездетүү үчүн, ЖАБС ишин автоматташтыруу боюнча олуттуу жыйынтыктар, Жол чарба департаментинин аудитине берилген жок.

Roughton International компаниясы 2020-жылы Кыргызстандын жол тармагын пландоо жана бюджеттөө үчүн негиз боло турган ЖАБСыны киргизүү боюнча ишти баштады жана № CAREC/C1&3/QCBS/CSC келишиминин алкагында азыркы учурда өз ишин улантууда.

Автомобиль жолдорун оңдоонун Башкы планын түзүүдө процессти автоматташтыруу квалификациясыз эмгекти көп талап кылган иштердин санын азайтат, ошондой эле оңдоо процессине көзөмөлдү күчөтүүгө мүмкүндүк берет.

Кыргыз Республикасында асфальт-бетон жол төшөлгөн жолдордон тышкары, катуу төшөлбөгөн жолдор да пайдаланылууда, алар техникалык абалын да эске алууну жана аныктоону талап кылат. Аларга мониторинг жүргүзүү максатында, КР ТКМге караштуу Жол чарба департаменти (тапшырыкчы) КР ТКМге караштуу “ӨИБ” ММ (аткаруучу) менен 2022-жылдын 9-февралындагы № 03/22-08 акы төлөө менен кызмат көрсөтүү жөнүндө келишим түзүлгөн.

Алар боюнча:

1.1-пункт Техникалык тапшырмага ылайык, Тапшырыкчы тапшырат, ал эми Аткаруучу Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунда катуу катмары жок маалыматтарды чогултуу боюнча иштердин комплексин аткаруу боюнча кызматтарды көрсөтүү милдетин өзүнө алат.

4.1- пункт. Келишимдин жалпы суммасы 7 295,5 миң сомду түзөт. Асфальт-бетон төшөлгөн жана катуу катмары жок автожолдор боюнча алынган бардык маалыматтар ЖАБС системасына киргизилет.

2018-жылдан бери 6 жылдан ашуун убакыттан бери колдонулуп келе жаткан ЖАБС сервердик жабдуулары кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы боюнча 2022-жылдын июнь айында КР ТКМ менен кол коюлган келишимдин негизинде тапшырманы аткарган "Маалыматтарды чогултуу жана ЖАБСыны аныктоо" долбоорунун Destia-Finnroad-Консультанты компаниясы тарабынан КР ТКМге өткөрүлүп берилген. Берилген жабдуулардын жалпы наркы 1 184,9 миң сом.

Бул жабдуулардан тышкары, 2021-жылдын 26-ноябрындагы № 364 буйругу менен сервердик жабдууларды, ЖАБС программалык камсыздоосун жана интенсивдүүлүктү аныктоочу эсептегичтерди (СДР) кабыл алуу-өткөрүп берүү үчүн комиссия түзүлгөн. Буйрукка ылайык, кабыл алуу-өткөрүп берүү комиссиясынын иши аяктагандан кийин төмөнкү иштерди аткаруу керек:

3-пункту боюнча: КР ТКМге караштуу Жол чарба департаменти топтолгон амортизацияны эске алуу менен ЖАБСынын сервердик жабдуусун жана программалык камсыздоосун бухгалтердик эсепке коюу;

4- пункту боюнча: КР ТКМге караштуу "Өндуруш – инновациялык борбору" мамлекеттик мекемеси топтолгон амортизацияны эске алуу менен радиолокациялык классификаторлорду (5 даана) бухгалтердик эсепке коюу.

Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн жабдуулар КР ТКМге караштуу Жол чарба департаментинин жана КР ТКМге караштуу "Өндуруш – инновациялык борборунун" ММнин балансына коюлган эмес. Демек, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жоболордун 182-пункту бузулган.

Ошондой эле, техникалык каражаттардын электр магниттик шайкештиги боюнча (ТР ТС 020/2011) жана төмөнкү вольттуу жабдуулардын коопсуздугу боюнча (ТР ТС 004/2011) Бажы союзунун (мындан ары БС ТР) Кыргызстандын аймагында колдонулуп жаткан техникалык регламентине ылайык: төмөнкү вольттуу жабдуулардын категориясына кирген сервердик жабдуулар сертификаттоо формасында шайкештиги тастыкталууга тийиш болгон каражаттардын тизмесине киргизилген эмес, демек ТР ТС 004/2011 жана ТР ТС 020/2011 боюнча шайкештикти декларациялоо формасында шайкештик тастыкталууга тийиш.

КР ТКМге караштуу Жол чарба департаменти төмөнкүлөрдү аудитке берилген эмес:

1. ЖАБСынын жабдууларына, алар тарабынан пайдаланылып жаткан жабдууларга Евразиялык экономикалык биримдигинин үлгүсүнүн шайкештик сертификаты:

Сервер (E45S (E45S001) Dell Power EdgeR440 Server [Server Power R440 [EMEA_ R440]]) – 1 даана.

- Жумушчу станциялар системалык блоктордон жана мониторлордон турган комплектте-2 даана.

2. Жогорудагы пайдаланылган серверди программалык камсыздоонун лицензиясы. Ошентип, пайдаланылып жаткан сервердик жабдуу жана ЖАБС боюнча ТР ТС 004/2011жана ТР ТС 020/2011 талаптарына ылайык келбейт, демек, КР ТКМге караштуу Жол чарба департаменти тарабынан БС ТР талаптары аткарылбайт.

2004-жылдын 22-майындагы № 67 “Кыргыз Республикасында техникалык жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын VII бөлүмү техникалык регламенттердин жоболоруна ылайык келбеген учурларда колдонулуучу жоопкерчиликти жана жол-жоболорду карайт.

КР ТКМге караштуу Жол чарба департаменти жана КР ТКМге караштуу “Өндүрүштүк-инновациялык борбору” ММси тарабынан 2022 – жылдын 9 – февралындагы № 03/22 жана 2023-жылдын 25-февралындагы № 03/23-15 “КР ТКМ караштуу Жол чарба департаментинин жол активдерин башкаруу системасын (ЖАБС ) жабдуу жана программалык камсыздоону (мындан ары-ПК) жайгаштыруу жана коштоо боюнча кызмат көрсөтүү жөнүндө келишим түзүлгөн. Бул Келишим боюнча КР ТКМге караштуу Жол чарба департаменти тапшырыкчы, ал эми, КР ТКМге караштуу “Өндүрүштүк – инновациялык борбору” ММси аткаруучу болуп саналат.

1.1 пункту. Ушул Келишимдин жана тиркеменин предмети болуп Аткаруучунун аянтчасында орнотулган жол активдерин башкаруу системасынын (ЖАБС) долбоорун ишке ашырууда пайдаланылуучу Тапшырыкчынын жабдууларын жана программалык камсыздоолорун жайгаштыруу жана коштоо боюнча аткаруучу көрсөтүүчү акы төлөнүүчү кызматтар эсептелет.

2022-жылдын 9- февралындагы № 03/22 келишими боюнча:

3.1 пункту. Ушул Келишимдин 10 айга болгон жалпы наркы 964,1 миң сомду түзөт;

2022-жылдын 25 - февралындагы № 03/23 -15 келишими боюнча:

3.1 пункту. Ушул Келишимдин 12 айга болгон жалпы наркы 1 173,3 миң сомду түзөт;

ЖАБСыны кошумча жабдуулар менен толуктоо же болбосо ЖАБСыны тейлөөнүн татаалдыгын арттырууга алып келген системаны модернизациялоо

жөнүндө маалымат КР ТКМге караштуу Жол чарба департаменти тарабынан аудитке берилген эмес. Бирок, келишимдин жалпы наркы 2023-жылы 964,1 миң сомдон 1 173,3 миң сомго көбөйгөн, мында айырма 209,2 миң сомду түзгөн.

Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган 1-тиркемесин талдоодо, КР ТКМге караштуу "Өндүрүштүк-инновациялык борбору" ММнын кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркы жогорулагандыгын көрсөттү. "Компьютерлерди, серверлерди системалык администрациялоо жана электр байланыш жабдууларын техникалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөргө баалардын" прейскуранты 2021-жылдын 26 – декабрында КР ТКМге караштуу "Өндүрүштүк-инновациялык борбору" ММ тарабынан бекитилген жана бул убакыт аралыгында кайра каралган эмес. Демек, кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын жогорулашы негизсиз.

Аппараттык жана программалык камсыздоону жайгаштыруу жана тейлөө кызматтарынан тышкары жана КР ТКМге караштуу "Өндүрүштүк-инновациялык борбору" ММси ЖАБС боюнча (1-тарап) 2022-жылдын 30 – февралындагы № 03/22-23 келишими боюнча КР ТКМге караштуу Жол чарба департаментине (2-тарап) диспетчердик байланыш кызматын көрсөтөт. Диспетчердик байланыштын техникалык кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркы 12 айга 1 291,7 миң сомду түзөт. Аудит, 2023-жылы диспетчердик байланышты уюштуруу үчүн кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөө боюнча КР ТКМге караштуу Жол чарба департаментинин жылдык чыгымдары 1 291,7 миң сом суммада деген пикирин билдирет. Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунда катуу катмары жок маалыматтарды чогултуу боюнча иштердин комплексин аткаруу боюнча кызмат көрсөтүү үчүн 7 295,5 миң сом жана сервердик жабдууларды жана программалык камсыздоону жайгаштыруу жана коштоо үчүн 1 173,3 миң сом кошумча негиздемени талап кылат, анткени аудиттин пикири боюнча, КР ТКМге караштуу "Өндүрүштүк-инновациялык борбору" ММ бекитилген негизги функциялардын алкагында акысыз негизде аткарылышы керек болчу.

2023-жылы үч келишим боюнча КР ТКМге караштуу Жол чарба департаменти КР ТКМге караштуу "Өндүрүштүк-инновациялык борбору" ММнин пайдасына төлөмдөрүнүн жалпы суммасы 9 760,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

1. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан диспетчердик байланышты уюштуруу үчүн 1291,7 миң сом, Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунда катуу катмары жок маалыматтарды чогултуу боюнча иштердин комплексин аткаруу боюнча кызмат көрсөтүү үчүн 7 295,5 миң сом жана сервердик жабдууларды жана программалык камсыздоону жайгаштыруу жана коштоо үчүн 1 173,3 миң сом, жалпы **9 760,5** миң сом суммасында

кызматтарды төлөө боюнча Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол чарба департаментинин чыгымдарынын негиздүүлүгү каралсын.

2. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги 2023-жылдын 25 – февралындагы № 03/23-15 келишим боюнча **209,2** миң сомго кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын көбөйтүүнүн негиздүүлүгү каралсын .

3. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Өндүрүштүк-инновациялык борбору” ММси менен жабдууларды тейлөө кызматтарына келишимдерди түзүүдө кызматтардын наркы "Компьютерлерди, серверлерди системалык башкаруу жана электр байланыш жабдууларын техникалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөргө баалардын" Прейскурантына ылайык аныкталсын.

4. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Жол чарба департаментинин жол активдерин башкаруу системасынын пайдаланылуучу жабдуулары боюнча документтерди “Кыргыз Республикасында техникалык жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Бажы союзунун техникалык регламенттерине ылайык келтирилсин.

5. КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги БАРЭК долбоору боюнча № 0621-KGZ Грантка аудит жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу жана жол активдерин башкаруу системасын киргизүү боюнча иштерди жүргүзүүдө каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун изилдөө үчүн, Roughton International Компаниясы менен түзүлгөн № CAREC/C1&3/QCBS/CSC Контракт боюнча документтерди алууга укугу бар тиешелүү кызматкерлер жөнөтүлсүн.

6. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Өндүрүштүк-инновациялык борбору” мамлекеттик мекемеси жана Жол чарба департаменти Сервердик жабдууларды, жол активдерин башкаруу системасынын программалык камсыздоосун жана интенсивдүүлүктү аныктоочу эсептегичтерди кабыл алуу-өткөрүп берүү үчүн комиссия түзүү тууралуу 2021-жылдын 26-ноябрындагы № 364 буйругун аткаруу үчүн топтолгон амортизацияны эске алуу менен **1184,9** миң сомго төмөнкү негизги каражаттарды бухгалтердик эсепке калыбына келтирсин:

- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол чарба департаменти жол активдерин башкаруу системасынын сервердик жабдууларын жана программалык камсыздоосун;
- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Өндүрүштүк-инновациялык борбору” мамлекеттик мекемесинин радиолокациялык классификаторлорун (5 даана).

**Бишкек-Ош автожолунун 660-чакырымына (Т кесилишинен) Ош-Кара-Суу а/ж, 1,2 жер тилкелерине асфальт-бетон төшөлмөсүн орнотуу**

*Сатып алуулар боюнча: Бишкек-Ош автожолунун 660-чакырымына (Т кесилишинен) Ош-Кара-Суу а/ж, 1,2 жер тилкелерине асфальт-бетон төшөлмөсүн орнотуу*

**Аныкталды жана корутунду:**

"Вега Строй LTD" ЖЧКсы конкурстук документтердин квалификациялык талаптарына ылайык келбегенине жана конкурстук документтердин 7 жана 9-пункттарынын аткарылбагандыгына карабастан, конкурстук комиссия тарабынан "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 5-пунктун бузуу менен, 2-лот "Вега Строй LTD" ЖЧКна ыйгарылган. Мындан тышкары, сатып алуучу уюм "Ресурстук-индекстик калькуляциялоо" программалык комплекси (“РИК” ПК ) формасы боюнча автожолдун курулушунун сметалык эсебин сураган эмес, ошондуктан "Подрядчы" тарабынан иштин көлөмүн жана наркын көрсөтүү менен каалагандай смета берилген. Анын кесепетинен "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 2-пунктунун 5- пунктчасы бузулган. Ушундан улам, "Вега Строй LTD" ЖЧК подрядчынын конкурстук документтери тийиштүү түрдө изилденген эмес.

**Сунуштама:**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, ишенимдүү жана татыктуу Жабдуучуну тандоодо конкурстук тооруктун катышуучулары конкурстук документтердин бардык шарттарын аткарышын жана талап кылынган документтердин толук пакетин берүү камсыздалсын.

**Бишкек-Ош автожолунун 660-километринен (Т кесилишинен) Ош-Кара-Суу а/а, 1 – жер тилкеси 0 + 00 ПК 16+54 чейин жер тилкелерине асфальт-бетон төшөлмөсүн орнотуу**

Жогоруда көрсөтүлгөн иштерди аткаруу үчүн, 2023-жылдын 3-октябрында № 231003405623511 чектелбеген (2 этаптуу) ыкма менен, пландаштырылган 47 757 070,0 сом суммасынан 1 лоттон турган конкурс кайрадан жарыяланган.

Белгилеп кетсек, бул лот (2023-жылдын 15-августундагы № 230815397623573) конкурстук комиссия тарабынан белгисиз себеп менен жокко чыгарылган.

Белгилей кетсек, бул лоттун пландалган суммасы биринчи конкурста 46 626 268,00 сомду түзөт, экинчи конкурста сумма 1 130 802,00 сомго кыйла жогорулаган (47 757 070, 00-46 626 268,00) = 1 130 802,00 сом.

Конкурска катышуу үчүн 2 конкурстук табыштама берилген:

- «Вега Строй LTD» ЖЧК - лот №1- 46 500 000, 00 сом,

- «Амантур Строй Сервис» ЖЧК – порталда сумма көрсөтүлгөн эмес.

Сатып алуулар жол-жобосунун протоколуна ылайык, конкурстук сатып алуу комиссиясы тарабынан «Вега Строй LTD» ЖЧКсы конкурстун жеңүүчүсү болуп аныкталган.

**Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол автомобиль жолун куруу жана реконструкциялоо боюнча (71-96, 37 км жер тилкеси).**

2023-жылдын 5-октябрындагы № 03/23-281 келишиминин негизинде "Кыргызжолкурулуш" ЖЧК подрядчысына Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол автомобиль жолун куруу жана реконструкциялоого (71-96, 37 км жер тилкеси) аванс түрүндө 322 441,1 миң сом өлчөмүндө акча каражаты берилген, анын ичинен, 50 000,0 миң сом 2023-жылы жана 80 000,0 миң сом 2024-жылы которулган.

71-96,37 км жел тилкесинде узундугу 25,4 км болгон бул автожолду куруунун жүрүшү жөнүндө:

- негизги жолго чыгуучу съезддерде ИССО курулушу – 41 шт, иштер жүрүп жатат – 2 даана, 39 даана - баштала элек.

– негизги жолго жана тротуарларга чыгуучу съезддерде ИССО курулушу-118 даана, баштала элек-118 даана;

- көпүрө курулмалары боюнча бардыгы – 3 даана, баштала элек -3 даана;

Жер казуу иштери 2024-жылдын 1-апрелинен тартып 28-августка чейин аяктады – 6,8 миң м3, бардыгы 6,8 миң м3 аткарылган, калганы 874,9 миң м3;

- 1 катмар асфальт төшөлдү - 0 км;

- ЩМА коюлган – 0 км;

- Жалпы жасалгалоо – 0%;

Текшерүү учурунда бардыгы болуп 22 адис жана 14 атайын техника болгон, ал эми орто эсеп менен бир айда 18 адис жана 11 техника бар.

Өндүрүш графигинен болжолдуу артта калуу 8 айды түзөт.

**Балыкчы-Чолпон-Ата-Каракол долбоорунун автомобиль жолун, Балыкчы-Тамчы-Корумду 0 км боюнча 104 км жер тилкесин куруу жана реконструкциялоо боюнча**

**Аныкталды жана корутунду:**

Азыркы учурда, Балыкчы-Чолпон-Ата-КараКол долбоорунун автомобиль жолун, Балыкчы-Тамчы-Корумду жолунун 0 чакырымынан 104 чакырымына чейинки жер тилкесин куруу жана реконструкциялоо боюнча курулуш иштеринин мөөнөтү аяктаган, бирок аудит тарабынан 1098,4 миң сомдук иштин аткарылбаган көлөмү аныкталган, подрядчы тарабынан иш өз убагында аткарылышы керек.

**Сунуштама:**

Балыкчы-Чолпон-Ата-Каракол долбоорунун, Балыкчы-Тамчы-Корумду 0 кмден 104 кмге чейинки жер тилкесинин курулуш жана реконструкциялоо

боюнча Подрядчынын 1098,4 миң сом суммасындагы курулуш иштеринин аткарылышы Тапшырыкчы, Консультант тарабынан көзөмөлдөнсүн.

**Балыкчы-Боконбаево-Каракол автожолунун 126,37-141,67 чакырымына чейинки автожолун капиталдык оңдоо, жалпы узундугу 17,183 чакырым, жер тилкелеринин курулушуна аткарылган курулуш-куруу иштери боюнча:**

126,37-141,67 Балыкчы-Боконбаево-Каракол автожолунун чакырымына чейинки автожолун капиталдык оңдоо, жалпы узундугу 17,183 чакырым, жер тилкелеринин курулушуна аткарылган курулуш-куруу иштери боюнча Келишим 2023-жылдын октябрь айында түзүлсө, иш баштоого Буйрук 2023-жылдын декабрь айында чыгарылган.

"Кыргызавтожол" МИ тарабынан жолду реконструкциялоо үчүн Ысык-Көл филиалы менен 18 800,0 миң сомго келишим түзүлүп, иш башталгандан кийин декабрь айында 18 800,0 миң сомду которгондугуна байланыштуу, Ысык-Көл филиалы тарабынан 6 205,8 миң сом өздөштүрүлбөй калгандыктан, эсептешүү эсебинде калдык калган.

Ошондой эле, 2023-жылга аудит жүргүзгөн учурда, аткарылган жумуштардын сертификаты 12 594,1 миң сомго өткөрүлгөн эмес. Себеби, келишимдеги жалпы баанын негизинде 3 % жумуш аткарылгандан кийин сертификат өткөрүлүшү керек болчу, ошондуктан 2023 жылга сертификат тапшырылган эмес.

**Баткен районундагы Баткен-Кара-Бак-Чон-Талаа 16 км чакырым автожолун капиталдык оңдоо, жана 2. Ош-Раззаков 253 км чакырым, Миң- Өрүк жалпы узундугу 6,2 км автожолун капиталдык оңдоо, курулуш жер тилкесинин курулуш-монтаждоо иштери боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Баткен районундагы Баткен-Кара-Бак-Чон-Талаа 16 км чакырым автожолун капиталдык оңдоо, жана 2. Ош-Раззаков 253 км чакырым, жалпы узундугу 6,2 км Миң- Өрүк автожолун капиталдык оңдоо, курулуш жер тилкесинин курулуш-монтаждоо иштери боюнча "Жагалмай" ЖЧКсы тарабынан **316,2** миң сом суммасындагы аткарылбаган иштер негизсиз төлөмгө кабыл алынган.

**Сунуштама**

"Жагалмай" жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан аткарылган иштердин көлөмүнөн аткарылбаган 316,2 миң сомдук курулуш иштери калыбына келтирилсин.

**“Вега Строй” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан 2023-жылы “Ош шаардык жер тилкесин айланып өтүү 2-16 км, узундугу 4,0 км жолго асфальт-бетон төшөө” иштеринин аткарылышы боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

“Вега Строй” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан 2023-жылы “Ош шаардык жер тилкесин айланып өтүү 2-16 км, узундугу 4,0 км жолго асфальт-бетон төшөө” иштеринин аткарылышы боюнча тандалма ыкма менен жүргүзүлгөн текшерүү өлчөмүнүн жыйынтыгы менен аткарылбаган **60,4 миң сомдук** жумуштар негизсиз төлөм кабыл алынгандыгы аныкталды.

**Сунуштама**

“Вега Строй” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан аткарылган иштердин көлөмүнөн аткарылбаган **60,4** миң сомдук курулуш иштери калыбына келтирилсин.

**“Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасынын №2 Жол куруу башкармалыгы тарабынан “Ош-Баткен-Раззаков” автожолунун 27+960+км 34+400 жана 40+350+км 46+910 жер тилкелеринин курулушу боюнча:**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Аудит жүргүзүү учурунда, “Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасынын №2 Жол куруу башкармалыгы тарабынан аудитке берилген автожол жер тилкелерин куруу боюнча долбоорун, ведомостун жана сертификатын изилдеп жана салыштырып чыгып, 27+960 км 34+400 км жана 40+350 км 46+910 км “Ош-Баткен-Раззаков” автожолу боюнча **833,7 миң сомдук** жумуштар негизсиз төлөмгө кабыл алынган.

**Сунуштама**

“Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасынын №2 Жол куруу башкармалыгынын аткарылган иштеринин көлөмүнөн алынып салынсын жана 833,7 миң сом калыбына келтирилсин.

**«Кыргызавтожол» мамлекеттик ишканасы**

**Аныкталды жана корутунду**:

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 11-августундагы № 92 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 21-беренесин бузуу менен, мында “*Сом Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында төлөмдөрдүн бардык түрлөрү боюнча чектөөлөрсүз кабыл алынууга милдеттүү болгон жалгыз мыйзамдуу төлөм каражаты болуп саналат”, “*Кыргызавтожол” МИси “Альфа Ойл” ЖЧКсына мазут үчүн - 858 945,60 АКШ доллары суммасында жана “Кыргызтемиржол” МИнин кызмат көрсөтүүлөрү үчүн - 66 000,00 АКШ доллары суммасында төлөм жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

"Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасы мындан ары, Кыргыз Республикасынын аймагында эсептешүүлөрдө төлөм каражаттарында сомду колдонуу бөлүгүндө, "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын так жетекчиликке алсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

“Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасынын Уставынын 42-беренесине ылайык, финансылык-чарбалык ишин өнүктүрүүнүн стратегиялык планына жана анын негизинде иштелип чыккан жылдык бюджетке ылайык жүзөгө ашырат. Стратегиялык өнүктүрүү планы Ишкана тарабынан үч жылдык мөөнөткө иштелип чыгат жана мамлекеттик башкаруу органы тарабынан бекитилет. Бирок ишкана тарабынан өнүгүүнүн стратегиялык планы иштелип чыккан эмес. Мындан тышкары, ишкананын эсептик саясаты иштелип чыккан эмес.

**Сунуштама:**

Үч жылдык мөөнөткө стратегиялык өнүгүү планы жана Ишкананын эсепке алуу саясаты иштелип чыксын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Отчеттук мезгилдин аягындагы баланс боюнча дебитордук карыз 565 996,0 миң сомду түзгөн, аудит тарабынан баланста чагылдырылбаган 534 916,6 миң сом суммасында жашырылган дебитордук карыз аныкталган. Мындан тышкары, “Кыргызавтожол” МИсин түзүү учурунда берилген жана салыштыруу актылары менен тастыкталбаган 61 220,1 миң сом суммасындагы өнбөс дебитордук карыздар бар.

**Сунуштама:**

Филиалдардын укук мураскорлору менен дебитордук карыздарын салыштыруу актылары түзүлсүн жана **534 916,6** миң сом суммасында жашырылган дебитордук карыз эсепке алынсын. 61 220,1 миң сом суммасындагы кайтарымсыз дебитордук карыздарга карата тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

2022-жылы КР ТКМге караштуу "Кыргызавтожол" МИси жылдын жыйынтыгы боюнча 37 364,1 миң сом суммасында пайда тапкан. 2023-жылы 460 853,51 миң сом суммасында чыгым алынган. Зыяндын көпчүлүк бөлүгү титул, МКВ жана президенттик фонд боюнча өтүүчү объекттердин амортизациялык чегерүүлөрүнүн жана материалдык чыгымдарынын эсебинен алынган. Ошондой эле, зыяндын алынышынын себептеринин бири болуп, эмгек акы төлөө эсептелет, мында төлөө булагы аныкталбастан бекитилген сааттык тарифтик ченден тышкары жумушчулардын эмгек акысына жана АБПга ар кандай кошумча төлөөлөр жана үстөктөр (иштеген жылдары, өргүү

акысы, дарылоо жөлөк пулунун эки айлык төлөмдөрү, ооруканалык акы, дем алыш күндөрү үчүн эки жолу төлөө ж.б.) жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Төлөө булактары жок болгон учурда ар кандай кошумча төлөмдөрдү жана үстөктөрдү негизсиз төлөөгө жол берген "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасынын кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

***Чуй филиалы***

**Аныкталды жана корутунду:**

Чүй филиалынын ЖТИси боюнча 2023-жылга жолдорду жана жол курулмаларын оңдоо объекттеринин титулдук тизмесин КР ТКМге караштуу Жол чарба департаментинин Чүй аймактык бөлүмүнүн башчысы М. Мияров тарабынан бекитилген, ал эми “Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасынын жол-эксплуатациялык ишканасынын өкүлчүлүгү жөнүндө” Жобого ылайык, "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасы ЖТИнин ыйгарым укуктуу органы болуп саналат. Ошондой эле, КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы № 346 токтому менен бекитилген "Кыргызавтожол" МИнин Уставына ылайык, ЖТИ өз кезегинде “Кыргызавтожол” МИге отчет берет. Буга ылайык, жолдорду жана жол курулмаларын оңдоо объектилеринин титулдук тизмесин КР ТКМге караштуу ЖЧДнын региондук бөлүмүнүн башчысы тарабынан бекитүү “Кыргызавтожол” МИнин Уставына ылайык келбейт.

**Сунуштама:**

ЖТИ боюнча жолдорду жана жол курулмаларын ондоо объекттеринин титулдук тизмелерин бекитүүдө, “Кыргызавтожол” МИнин Уставын жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы “Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасынын жол-эксплуатациялык ишканасынын өкүлчүлүгү жөнүндө" жобонун баш ийүү жана жоопкерчилик бөлүгү эске алынсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Аудиттин жүрүшүндө ведомстволук жолдордун транспорттук-эксплуатациялык абалы жөнүндө маалыматтар, жолдорду ондоо иштерин жүргүзүү үчүн, план-долбоорго киргизилген жолдор боюнча адистердин корутундусу, жолдордун бул жер тилкелери кандай критерийлердин негизинде алдыдагы ондоо иштеринин план-долбооруна киргизилгендиги суралган. “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 9-пунктуна ылайык, “Автомобиль жолдорунун транспорттук-эксплуатациялык мүнөздөмөлөрүнүн техникалык регламенттердин талаптарына шайкештигин аныктоо максатында автомобиль жолдорунун менчик ээлери автомобиль жолдорунун техникалык абалын транспорт жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу

мамлекеттик орган белгилеген тартипте баалоону жүргүзөт” жана эксперттик корутундулардын негизинде автомобиль жолдору боюнча боло турган оңдоо иштеринин титулдук тизмесин аныктоо керек. Мындай эксперттик маалыматтар Чүй филиалында жана ЖТИде жок.

**Сунуштама:**

"Кыргызавтожол-Түндүк" МИси, "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 9-пунктуна ылайык, автомобиль жолдорун оңдоо иштеринин планына киргизүүдө, оңдоо иштерин жүргүзүү зарылдыгын ырастаган автожолдун техникалык абалы жөнүндө негизделген эксперттик корутундуну алууну камсыздасын.

**Аныкталды жана корутунду:**

ЖТИлер бекитилген Титулдук тизме менен иштердин көлөмүн сактабайт, жумуштардын бир түрү боюнча ашыра аткарууга жол берилген жана башка түрлөрү боюнча аткарылбай калган. Демек, каржылоо ошондой эле иш жүзүндө аткарылган иштердин көлөмүн эске албастан жүргүзүлгөн, бул кредитордук жана дебитордук карыздарды түзүү жолу менен ЖТИлердин финансылык абалына таасирин тийгизген.

**Сунуштама:**

“Кыргызавтожол-Түндүк” МИ мындан ары, бекитилген Титулдук тизме боюнча белгилүү иштерге бөлүнгөн каражаттарды максаттуу пайдалануу бөлүгүндө, Жол тейлөө ишканалардын иши көзөмөлгө алынсын. Акча каражаттарын жумуштун башка түрлөрүнө которуу зарыл болгон учурда бекитилген Титулдук тизмеге өз убагында өзгөртүүлөр киргизилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 136 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27-беренесинин 6-пунктун, Кыргыз Республикасынын “Автомобиль жолдору жөнүндө” Мыйзамынын 22-беренесинин 4–пунктун бузуулар менен Чүй филиалы тарабынан жергиликтүү маанидеги жолдорго таандык Ак-Ордо конушундагы Э. Иманалиев көчөсүн (2,5 км) долбоорлоо жана куруу каржыланган. Ошондой эле, № 39 ЖТИ тарабынан МКСнын эсебинен КР ТКМ жайгашкан имараттын аймагы оңдолгон, имараттын өзү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу "Мамлекеттик имараттар департаменти" МИнин балансында турат жана Министрликтин аймагын капиталдык оңдоо "Мамлекеттик имараттар департаменти" МИнин милдети болуп саналат жана ал Министрлик менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу "Мамлекеттик имараттар департаменти" МИнин ортосунда түзүлгөн ижара келишиминде орун алат. № 39 ЖТИ 1691,9 миң сом суммасында өзүнүн функциялык милдеттерине

кирбеген иштерди аткарган. Ошондой эле, "Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен бекитилген сметадан тышкары 191,9 миң сомго иштер аткарылган. Төлөм 894,4 миң сом суммасында жүргүзүлгөн, мында дебитордук карыз 797,5 миң сомду түзгөн, ал № 39 ЖТИ дебитордук карызында эсепке алуу боюнча чагылдырылган эмес.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы № 855 токтому менен бекитилген “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” жобону бузуу менен “Кыргыз Республикасынын Президентинин "Ала-Арча-1" мамлекеттик резиденциясынын аймагында асфальтбетон жабуусун орнотуу боюнча иштер киргизилген, бул объект КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин карамагына кирбейт, ал Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгынын алдындагы "Мамлекеттик имараттар департаменти" МИнин балансында турат, ошондуктан, иштер алар тарабынан жүргүзүлүшү керек болчу. 2023-жылы аталган объект боюнча **10000,0** миң сомдук иштер аткарылган.

КР ТКМ өзүнүн функционалдык милдеттерине кирбеген капиталдык салымдар боюнча бөлүнгөн каражаттарды өздөштүрүү боюнча иштерди үзгүлтүксүз аткарат, мында, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы №855 токтому менен бекитилген “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” жобо бузулган.

**Сунуштама:**

1. *КР Финансы министрлигине:*

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги боюнча “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча республикалык бюджеттен каржылануучу Объекттеринин тизмесин бекитүүдө, каржылоодо Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын бузууга жол бербестен, “Автомобиль жолдору жөнүндө”, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30–декабрындагы № 855 токтому менен бекитилген “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө

ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмесин түзүү жөнүндө” Жобо милдеттүү түрдө жетекчиликке алынсын.

2. Кыргызавтожол-Түндүк” МИси № 39 Жол тейлөө ишканасынын бухгалтердик эсеп боюнча 797,5 миң сом суммасындагы дебитордук карызы калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 токтому менен бекитилген “2018-2022-жылдарга карата Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программаны” жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 токтому менен бекитилген “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программанын” талаптары аткарылбастан № 34 ЖТИнин кассасынан 1146,9 миң сом суммасында накталай акча каражаттары берилген.

**Сунуштама:**

№ 34 Жол тейлөө ишканасынын жетекчилиги тарабынан, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 токтому менен бекитилген "2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программаны аткаруу максатында, накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

“Кыргызавтожол” МИнин башкы директору тарабынан 2023-жылдын 23-январында бекитилген “Кыргызавтожол” МИнин, филиалдарынын, жол ишканаларынын кызматкерлеринин кызматтык маяналарына, тарифтик чендерине үстөктөрдү төлөө тартиби жөнүндө” жобонун талаптарын бузуу менен № 1 ЖТИнин 2 кызматкерине иш стажы туура эмес белгиленген, натыйжада 2023-жыл үчүн **61,1** миң сом суммасында иштеген жылдары үчүн үстөк акы ашыкча төлөнгөн, № 958 ЖТИси боюнча иштеген жылдары үчүн үстөк акы 2 кызматкерге 2023-жылдын ноябрь жана декабрь айлары үчүн **5,1** миң сом суммасында ашыкча төлөнгөн.

**Сунуштама:**

“Кыргызавтожол-Түндүк” МИнин жетекчилиги ведомстволук бөлүмдөр боюнча иштеген жылдары үчүн үстөк акыны белгилөө үчүн эмгек стажын аныктоонун тууралыгына көзөмөл камсыз кылсын жана 2023-жылдын 23-январында “Кыргызавтожол” МИнин башкы директору тарабынан бекитилген

“Иштеген жылдары үчүн үстөк төлөө тартиби жөнүндө” Жобонун талаптарын бузууга жол бербесин.

**Аныкталды жана корутунду:**

№ 32 ЖТИси боюнча негизги каражаттарды наркын учурдагы базар баасына жеткирүү максатында, аларга кайра баалоо иштери жок. Негизги каражаттардын рыноктук наркы жөнүндө маалыматтын жоктугу ишкананын каржылык абалын бурмалоого алып келет жана башкаруу чечимдерин кабыл алууну кыйындатат. № 32 ЖТИнин жана № 40 ЖТИнин негизги каражаттары толугу менен амортизацияланган жана нөлдүк калдыктар менен эсептелет, мында объекттин балансттык наркы отчеттук датага карата анын туура наркынан олуттуу айырмаланбагандай кайра баалоо үзгүлтүксүз негизде жүргүзүлүүгө тийиш.

**Сунуштама:**

“Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасы тарабынан, белгиленген жол-жоболорго жана ченемдерге ылайык, балансстык наркты актуалдаштырууну жана алардын туура наркын финансылык отчеттуулукта чагылдырууну камсыз кылуу менен, 16-ФОЭСтин (IAS) талаптарын жетекчиликке алуу менен негизги каражаттардын наркын кайра баалоону жүргүзүү маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

№ 25 Жол тейлөө ишканасынын балансында базар баасы аныкталбаган 2,3 га жер тилкеси бар, ошондой эле балансста Синотрук 290 жана УАЗ-3962 автоунаалары, атайын техника бар, алар: Автогрейдер MG330 жана Каток ДУ-10, аларга укук белгилөөчү документтери жок.

**Сунуштама:**

“Кыргызавтожол-Түндүк” мамлекеттик ишканасы, балансстык наркты актуалдаштырууну жана алардын туура наркын чагылдырууну камсыз кылуу менен жер тилкесин баалоону белгиленген жол-жоболорго жана ченемдерге ылайык, 2,3 га жер тилкесине баалоо жүргүзсүн.

№ 25 Жол тейлөө ишканасынын жетечилиги “Синотрук 290”, “УАЗ-3962” маркасындагы автотранспорт каражаттарына жана “Автогрейдер MG330” жана “Каток ДУ-10” атайын техникасына укук белгилөөчү бардык документтерди калыбына келтирсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Чүй филиалы “Кыргызавтожол” МИнин жол-эксплуатациялык ишканаларынын өкүлчүлүктөрүн координациялоочу жана контролдоочу орган болуп саналгандыгына жана автожолдорду өз алдынча куруу менен алектенбегендигине карабастан, өз алдынча конкурстук тооруктарды өткөргөн, алар: 2023-жылдын 2-октябрындагы № 2309262031719 конкурстук

тооруk боюнча 2023-жылдын 11-октябрында “Темир строй групп” ЖЧКсы менен № 12 Келишим түзүлгөн. Аудиттин жүрүшүндө, 22.11.2023-жылдан тартып 31.12.2023-жылга чейин (40 күн) мөөнөттөрдү бузгандыгы үчүн 214,8 миң сом суммасында туум эсептелген.

Ошондой эле, “Жолчу” ЖАК жана № 954 ЖТИ менен 32934,3 миң сом суммасына 2023-жылдын 3- ноябрында түзүлгөн № 48 Келишим боюнча, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мөөнөттү бузгандыгы үчүн 2023-жылдын 4-декабрынан тартып 31-декабрына чейин 123,9 миң сом суммасында туум эсептелген.

**Сунуштама:**

1. Ведомствого караштуу түзүмдөрдүн өз ыйгарым укуктарынын ашыруусуна жол бербестен, ведомстволук ишканалардын жана уюмдардын ишин көзөмөлдөө камсыздалсын жана “Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасынын Уставын жана Чүй филиалынын Жобосун бузган жетекчилерге карата Административдик жоопкерчилик чаралар өз убагында көрүлсүн.

2. “Кыргызавтожол-Түндүк” мамлекеттик ишканасынын (Чүй филиалы) жетекчилиги тарабынан “Темир строй групп” жоопкерчилиги чектелген коомунан мөөнөттү бузгандыгы үчүн 22.11.2023-жылдан тартып 31.12.2023-жылга чейин (40 күн) 214,8 миң сом суммасында эсептелген туум кармалсын жана “Кыргызавтожол-Түндүк” мамлекеттик ишканасынын кирешесине чегерилсин.

3. № 954 Жол тейлөө ишканасынын жетекчилиги тарабынан мөөнөттү бузгандыгы үчүн “Жолчу” жоопкерчилиги чектелген коомунан 123,9 миң сом суммасында туум кармалсын жана № 954 Жол тейлөө ишканасынын кирешесине чегерилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин” талаптарын бузуу менен, Чүй филиалында конкурстук тооруктарды өткөрбөстөн 82071,0 миң сом суммасына 5 Келишим түзүлгөн, алар: “РАИМ” ЖЧКсы 2023-жылдын 28-сентябрындагы № 11 Келишим менен “Кыргыз Республикасынын Президентинин "Ала-Арча-1” мамлекеттик резиденциясынын аймагында асфальтбетон жабуусун орнотуу” боюнча иштерди аткарууга 11481,8 миң сом суммасына; “РАИМ” ЖЧКсы 2023-жылдын 13-ноябрындагы № 20 Келишими менен Ак-Ордо-3 ж/м Э.Иманалиев көчөсүндөгү тротуарды, арык лотокторду, токтоочу павильондорду орнотуу жана жолдун абалы (жол белгилерин орнотуу жана жол белгилерин түшүрүү), узундугу 2,5 км, суммасы 25802,2

миң сомду түзөт; “Кыргыз-Курулуш” ЖЧКсы 2023-жылдын 13-апрелиндеги № 2 Келишими, Сокулук районунун Ак-Ордо-3 айылындагы Э. Иманалиев көчөсүнүн батыш тарабындагы узундугу 2,5 км, 18403,1 миң сомду түзгөн курулуш иштерин аткаруу боюнча; “Али Сервис” ЖЧКсы 2023-жылдын 13-апрелиндеши № 3 Келишим боюнча 15398,9 миң сом суммасында Ак-Ордо-3 айылындагы Э.Иманалиев көчөсүнүн чыгыш тарабында, узундугу 2,5 км. курулуш иштерин жүргүзүүгө; “Световод” ЖЧКсы 2023-жылдын 26-октябрындагы №14 Келишими менен Бишкек - "Манас" аэропорту а/ж жана Бишкек шаарынын айланма жолунун кесилишиндеги транспорттук түйүндөрдө оңдоо-калыбына келтирүү иштерине 10985,0 миң сом суммасы берилген. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасы тарабынан ишке ашырылган "Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну уюштуруунун ички эрежелерин" бузуу менен "жөнөкөй сатып алуу" ыкмасы аркылуу ишке ашырылуучу отун жеткирүүгө “ШНОС” ЖЧКсы менен 38 келишим 14413,4 миң сом суммасына түзүлгөн, бирок, "жөнөкөй сатып алуу" ыкмасы менен сатып алуунун тартиби чыгымдардын ар бир беренеси боюнча 3000,0 миң сомго чейинки суммада сатып алууга уруксат берет. Ушул сыяктуу бузуулар - № 958 ЖТИде да болгон, мында "жөнөкөй сатып алуу" ыкмасы боюнча "Вокко" ЖЧКдан 4851,9 миң сомго термопластика жана жол боегу жана "Мосдорстрой" ЖЧКсынан 5582,5 миң сомго асфальт жана № 43ЖТИден КММ 3734,7 миң сомго жана асфальт 7904,7 миң сомго, бардыгы 11639,4 миң сомго сатып алынган.

**Сунуштама:**

1. Мындан ары, “Кыргызавтожол-Түндүк” МИси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтомуна ылайык иштелип чыккан, “Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну уюштуруунун ички эрежелерине” ылайык, өткөрүлгөн конкурстук тооруктардын жыйынтыктары боюнча бардык келишимдерди түзсүн.

2. КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан аудиттин пикири боюнча кайталанма иштер болгондугуна байланыштуу, Иманалиев көчөсүндөгү узундугу 2,5 км курулуш-оңдоо иштери боюнча “Раим”, “Кыргыз Курулуш” жана “Али Сервис” жоопкерчилиги чектелген коомдорунун чыгымдар сметасы талдансын.

***Нарын филиалы боюнча***

**Аныкталды жана корутунду:**

“Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасынын Нарын филиалына 2023-жылга бөлүнгөн каражаттарды пайдаланууну талдоодо № 955 ЖТИ боюнча

төмөнкүлөр аныкталды: “Учурдагы оңдоо иштери” беренесинен "Капиталдык салымдар" беренесине 2 500,0 миң сом суммасында чыгымдар жүргүзүлгөн. Башкача айтканда, “Кыргызавтожол” МИнин “Учурдагы оңдоо иштерине” 328 289,9 миң сом жумшалган, иш жүзүндө 325 789,9 миң сом пайдаланылган, ал эми “Капиталдык салымдарга” - 62 820,8 миң сом, иш жүзүндө 65 320,8 миң сом пайдаланылган. Максатсыз пайдалануунун жалпы суммасы 2500,0 миң сомду түздү.

**Сунуштама:**

- Бекитилген сметага ылайык, мекеменин чыгымдарын ишке ашыруу бөлүгүндө укук улантуучу мекемелерге көзөмөл камсыз кылынсын;

- *Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:*

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 131-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 16-беренесине ылайык, № 955 Жол тейлөө ишканасы тарабынан “Учурдагы оңдоо иштери” беренесинен “Капиталдык салымдар” беренесине 2500,0 миң сом суммасындагы бюджеттик каражаттарды пайдалануу маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

Нарын филиалы тарабынан "Дили" ЖЧКсы менен “Асфальт-бетон аралашмасын” 64 347,8 миң сомго сатып алуу жөнүндө 2023-жылдын 30-июнундагы № 22 келишими түзүлгөн. Аудиттин жүрүшүндө асфальт-бетон аралашмасын өз убагында жеткирбегендиги үчүн 64,3 миң сом өлчөмүндө айып санкциялары эсептелген.

**Сунуштама:**

“Кыргызавтожол-Түндүк” мамлекеттик ишканасынын жетекчилиги (Нарын филиалы), “Дили” Жоопкерчили чектелген коомунан 64,3 миң сом өлчөмүндө айып пулду өндүрүүнү жана алынган каражаттарды “Кыргызавтожол-Түндүк” мамлекеттик ишканасынын кирешесине которууну камсыз кылсын.

***Баткен филиалы боюнча***

**Аныкталды жана корутунду:**

Аудиттин жүрүшүндө жол тейлөө ишканаларына таандык, бирок балансқа кабыл алынбаган жер тилкелери аныкталды: № 2 ЖТИ боюнча аянты 97300 м2. бааланган наркы 43882,9 миң сом, № 13 ЖТИ боюнча аянты 16 426 чарчы метр, жалпы баасы 10 364,4 миң сом, № 46 ЖТИ боюнча аянты 15 320 чарчы метр жалпы баасы 13 571,0 миң сом.

**Сунуштама:**

“Кыргызавтожол” МИнин укук мураскоруна жер тилкелеринин баланстык наркын актуалдаштырууну жана алардын туура наркын ФОЭС

(IAS) 16 талаптарын жетекчиликке алуу менен финансылык отчетто чагылдыруу камсыз кылынсын.

**“Кыргызавтожол” МИнын Ысык-Көл филиалы**

**Аныкталды жана корутунду:**

Аудит жүргүзүү учурунда, 2023-жылдын 21-августундагы №110 келишимдин негизинде мам.номери 09KG 036 ADS сатып алынган автоунаа спринтер боюнча М. Эсенбек уулуна атайын эсептин каражаттары боюнча 650,0 миң сом акча каражаты (15.09.2023-жылдагы төлөм тапшырыгы) которулган. Сатып алууга документтер (коштомо кагаз) жок, автоунаа эсепке алуу боюнча кириштелген эмес.

**Сунуштама:**

“Кыргызавтожол-Түндүк” мамлекеттик ишканасынын жетекчилиги (Ысык-Көл филиалы) мамлекеттик номери 09KG 036 ADS спринтер автоунаасын сатып алууга жумшалган 650,0 миң сом суммасындагы атайын эсептин каражаттарын калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин”, ички тартип эрежелерин бузуу менен, № 35 ЖТИ тарабынан сатуучу Б.Т. Шерманбетовдон 450,0 миң сомго эски “Мерседес-Бенц 208D” автоунаасы сатылып алынган, ал аталган уюмдун сатып алуу планында каралган эмес.

Унаа ушул күнгө чейин сатуучуда катталган жана № 35 ЖТИнин балансы боюнча кириштелген эмес.

**Сунуштама:**

- № 35 жол тейлөө ишканасынын жетекчилиги сатып алууларды жүргүзүүдө, КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин” талаптарын жетекчиликке алсын;
- №35 жол тейлөө ишканасы боюнча сатып алуу планында каралбаган, ушул күнгө чейин сатуучуда катталган жана №35 ЖТИнин балансы боюнча кириштелбеген эски, “Мерседес-Бенц 208D” автоунаасын сатып алууга жумшалган 450,0 миң сомду калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаменти**

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык, Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментиндеги (аппарат) товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын 201,7 миң сомду түздү, анын ичинен башка чийки заттар жана материалдар — 133,1 миң сом, отун — 68,6 миң сом жана Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Чүй-Бишкек аймактык башкармалыгында күйүүчү майлоочу материалдар 57,1 миң сом суммасында.

**Сунуштама:**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык, Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинде (аппаратта) товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын республикалык бюджеттин кирешесине 201,7 миң сом суммасында, анын ичинен башка чийки заттар жана материалдар — 133,1 миң сом, отун — 68,6 миң сом жана Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Чүй-Бишкек аймактык башкармалыгынын бөлүмүндө 57,1 миң сом суммасында күйүүчү-майлоочу материалдарды эсепке алуу жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык, 2024-жылдын 1-январына карата, 2023-жылга карата 43,4 миң сом суммасындагы дебитордук жана кредитордук карыздардын ортосундагы айырма аныкталган (дебитордук карыз — 77,6 миң сом, кредитордук карыз- 34,2 миң сом). Бүткөрүлө элек иш сапарлар үчүн аванстар, ошондой эле электр энергиясы жана газ үчүн алдын ала төлөмдөр өзгөчө болуп саналат.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден

ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык, республикалык бюджеттин кирешесине 43,4 миң сомго чегерилүүгө тийиш болгон дебитордук карыздын суммасын чегерүү жүргүзүлсүн.

***Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ысык-Көл аймактык башкармалыгы боюнча:***

**Аныкталды жана корутунду:**

Подрядчы “Универсал Электро” ЖЧКсы тарабынан “Балыкчы шаарындагы транспорт көзөмөл пунктуна электрондук транспорт таразасын орнотууда” 1061,0 миң сомдук жана 1341,2 миң сомдук аткарылган иштердин актыларында негизсиз алынган (4%) бирдиктүү салыгы 92,4 миң сомду түзгөндүгү аныкталды. Жыйынтыгында, курулуш куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатуу **92,4 миң сомду** түзгөн (*аудит аяктагандан кийин негизсиз алынган 92,4 миң сом бирдиктүү салыгы 2024-жылдын 3-октябрындагы №01 төлөө тапшырмасы аркылуу калыбына келтирилди.*

**Сунуштама:**

Подрядчы “Универсал Электро” ЖЧКсы тарабынан “Балыкчы шаарындагы транспорт көзөмөл пунктуна электрондук транспорт таразасын орнотууда” курулуш куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатуу боюнча 92,4 миң сом бирдиктүү салыгы 2024-жылдын 3-октябрындагы №01 ТТ аркылуу калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Подрядчылар тарабынан аткарылган жумуштарында курулуш куроо иштеринин көлөмүн жогорулатууга жол бербөө максатында көзөмөл жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасына» ылайык, эсепке алынуучу дебитордук карыздар **39,7 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» нускамасына ылайык, Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ысык-Көл аймактык башкармалыгында күйүүчү майды сатып алуу беренесинде 39,7 миң сом дебитордук карыздар эсепке алынсын.

***Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Нарын аймактык башкармалыгы***

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын Типтүү тизмегинин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар)” талаптарын бузууга жол берилген, анда 42-бөлүмүнүн &1 17-пунктунда каралган зыяндуу шартта компьютерде иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөр КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 токтомуна ылайык күчүн жоготкондугуна карабастан (2022-жылдын 1-августунда күчүнө кирген) 2023-жылга зыяндуу шартта компьютерде иштегендиги үчүн 25% өлчөмдө Филиалдын катчысына **41,0 мин сом** кошумча төлөмдөр төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, негизсиз төлөмдөргө жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 токтомуна ылайык, өзгөртүү киргизилгендигин эсепке алуу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын Типтүү тизмегинин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар)” талаптары так сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

1. Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин 2 470,4 миң сом суммасындагы чыгымдары (сервердик жабдууларды жайгаштыруу жана программалык камсыздоону коштоо) аудит тарабынан негизсиз деп табылган, анткени бул милдеттер КР ТКМге караштуу “Өндүрүштүк инновациялык борбор” ММнин негизги функцияларына кирет жана акысыз негизде аткарылышы керек. Алсак, КР ТКМге караштуу "Өндүрүштүк-инновациялык борбор" мамлекеттик мекемеси жөнүндө Жобонун 2-главасында борбордун негизги функциялары аныкталган:

*“П.13 пп.3 монтаждоо, жөнгө салуу иштерин ишке ашыруу, техникалык жактан колдоо, тейлөө жана жол-транспорт комплекси чөйрөсүндө программалык-аппараттык комплекстерди жана маалымат системаларын модернизациялоо”.*

2. Аудиттин пикири боюнча, ийгиликтүү иштеп жаткан "ЭТК" АМТ тутумун кайра карап чыгуу алардын негизги функцияларына ылайык, КР ТКМге караштуу "Өндүрүштүк-инновациялык борбор" мамлекеттик мекемесинин штаттык кызматкерлери тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн.

3. “Адилет сот” мекемеси "ЭТК" АМТ тутуму үчүн техникалык тапшырманы келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттөрдү бузуу менен эки этап

менен кайра карап чыгуу боюнча ишти аткарган. КР ТКМге караштуу Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаменти келишим мөөнөтүн бузгандыгы үчүн аткаруучуну жоопкерчиликке тартуу укугунан пайдаланган жок жана мөөнөтү өтүп кеткен иштери үчүн аткаруучуга 2 170,00 миң сом төлөп берген.

4. Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаменти тарабынан “Техникалык жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузган, ал Мыйзам техникалык регламенттердин талаптарына ылайык келбегенде жоопкерчиликти жана колдонулуучу жол-жоболорду камтыйт.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаменти тарабынан 2 470,4 миң сом суммасында чыгымдарынын негиздүүлүгү текшерилсин жана колдонуудагы контракттарды колдонуу мөөнөтүнүн ичинде “ЭТК” АМТ тутумунун инфраструктурасын (сервердик жабдууну жана системалык программалык камсыздоону) жайгаштыруу жана коштоо маселеси каралсын.

**“Кыргыздортрансдолбоор” долбоорлоо – изилдөө институту” мамлекеттик ишканасы**

**Аныкталды жана корутунду:**

“Кыргызжолтрансдолбоор” долбоорлоо-изилдөө институту” мамлекеттик ишканасында КР Өкмөтүнүн жана КР Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 токтому менен бекитилген “2018-2022-жылдарга карата Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программанын" жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана КР Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 токтому менен бекитилген “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программанын” талаптары аткарылбай келүүдө. 2023-жылы мамлекеттик ишкананын кассасы аркылуу 3542,3 миң сом суммасында накталай акча каражаттарынын чыгымдары жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

“Кыргызжолтрансдолбоор” долбоорлоо-изилдөө институту” мамлекеттик ишканасынын жетекчилиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана КР Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 токтому менен бекитилген “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программасын” аткаруу максатында, накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча чараларды көрсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Аудит тарабынан 52,1 миң сом суммасында иш сапарга кеткен чыгымдарды эсептөөдө бузуулар аныкталган, алардын ичинен: суткалык ашыкча төлөө 28,8 миң сом, жол кире үчүн 23,3 миң сом. КР Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун” 113- пунктуна ылайык, “суткалык чыгымдар-кызматтык иш сапар учурунда туруктуу жашаган жеринен тышкары жашоо менен байланышкан транспорттук жана мейманканалык чыгымдардан тышкары кошумча чыгымдар", демек, жашаган жери жок, командировка болгон жерден туруктуу иштеген жерине күн сайын кайтып келгенде суткалык акы төлөнбөйт. 2023-жыл үчүн мамлекеттик ишканада бир күндүк иш сапарларга буйруктар боюнча 28,8 миң сом суммасында суткалык чыгымдар негизсиз төлөнгөн. КР Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомун бузуу менен жол кире үчүн командировкалык чыгымдар 23,3 миң сом суммасында төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Командировкалык чыгымдар боюнча 52,1 миң сом суммасындагы ашыкча төлөм кармалсын жана “Кыргызжолтрансдолбоор” ДИИ” МИнин эсебине калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

Иш-чараны өткөрүү жөнүндө буйрук, иш-чаранын катышуучуларынын тизмеси, өткөрүлгөн иш-чаралардын программасы жана сметасы жок болгон учурда, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесин бузуу менен, 34,7 миң сом суммасындагы өкүлчүлүк чыгымдар негизсиз эсептен чыгарылган. Ошондой эле У.Оморовдун отчет берүүсүнөн баштапкы тастыктоочу документтер жок болгон учурда 13,0 миң сом негизсиз эсептен чыгарылган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилбесин. Отчет берүүдөн негизсиз эсептен чыгарылган 47,7 миң сом Мамлекеттик ишкананын эсебине калыбына келтирилсин.

**Аныкталды:**

2023-жылдын октябрь айында "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесин бузуу менен, жол баракчасы жок, №S9560D мамлекеттик номурлу "Мазда-626" маркасындагы ижарага алынган автоунаага 18,8 миң сом суммасына 300 литр күйүүчү май эсептен чыгарылган.

**Сунуштама:**

Мамлекеттик ишкананын бухгалтериясы “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, КММ эсептен чыгаруу жана айдоочулардын эмгек акысын эсептөө үчүн толук толтурулган баштапкы документтер көзөмөлгө алынсын жана иштелип чыксын. Негизсиз эсептен чыгарылган **18,8** миң сом суммасындагы КММ Мамлекеттик ишкананын эсебине калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду:**

"Түндүк-Түштүк", 159-183 км автожолун реконструкциялоо долбоору үчүн негизги техникалык персоналды берүү жөнүндө макулдашуу 2020-жылдын июлунда “Сауди Тек и Спектрум” жана "Кыргызжолтрансдолбоор" ДИИ МИнин ортосунда түзүлгөн, анда мамлекеттик ишкана консультанттын персоналынын тизмесине жана ушул Макулдашууга ылайык талап кылынган квалификациядагы жана сандагы жергиликтүү адистерди берүүгө милдеттенет. "Түндүк-Түштүк" автожолун реконструкциялоо долбоору иштеп жаткан мезгилде, "Кыргызжолтрансдолбоор" ДИИ МИ тарабынан 159-183кмга 186 435,90 АКШ доллары суммасында кызмат көрсөтүүлөр көрсөтүлгөн, иш жүзүндө “Сауди Тек и Спектрум” тарабынан 93422 АКШ доллары төлөнгөн. “Сауди Тек и Спектрум” кепилдиктери боюнча андан аркы төлөмдү “Кыргызжолтрансдолбоор” ДИИ МИ Португалиядагы банк эсебине төлөгөн, ага “Кыргызжолтрансдолбоор” ДИИ МИнин Португалиядагы банк эсебинин реквизиттери менен электрондук каты бар болуу менен, ал эсепке 58390 АКШ доллары жана 27590,41 Евро которулган. Бирок, "Кыргызжолтрансдолбоор" ДИИ МИ бул электрондук катты "Сауди Тек и Спектрум" бергенин четке кагууда. Аудиттин жүрүшүндө бул маселе боюнча соттук териштирүүнүн процесси жүрдү жана аудит “Сауди Тек и Спектрум” тарабынан карыздын калган суммасын төлөөдөн баш тарткан учурда, аны ишенимсиз кардарлардын тизмесине киргизүү керек деп эсептейт.

“Сауди Тек и Спектрум” тарабынан аткарылган кызматтар үчүн акы төлөө толук көлөмдө жүргүзүлгөн эмес, Келишим боюнча өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн мамлекеттик ишкана кечиктирилген ар бир күн үчүн жумуштардын төлөнбөгөн наркынан 0,2% өлчөмүндө айып төлөөнү талап кылууга укуктуу, бирок, карыздын суммасынан 10% дан көп эмес. Аудиттин жүрүшүндө “Сауди Тек и Спектрумга” төлөө мөөнөтүн системалуу бузгандыгы үчүн 18643,56 АКШ доллары суммасында туум эсептелген.

Мындан тышкары, КР ТКМге караштуу Жол чарба департаменти менен түзүлгөн 24 келишим боюнча ар кандай долбоорлор боюнча консультациялык кызматтарды көрсөтүү боюнча аудиттин жүрүшүндө "Кыргызжолтрансдолбоор" ДИИ” МИ тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарды өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн 129,7 миң сом суммасында туум эсептелген.

**Сунуштама:**

1. Өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн аудиттин жүрүшүндө эсептелген туумду өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- “Сауди Тек и Спектрум” тарабынан “Кыргызжолтрансдолбоор” долбоорлоо-изилдөө институту” мамлекеттик ишканасы көрсөткөн кызматтары үчүн 18643,56 АКШ доллары суммасында “Кыргызжолтрансдолбоор” ДИИ” мамлекеттик ишканасынын эсебине чегерүү;

- 129,7 миң сом суммасында жана “Кыргызжолтрансдолбоор” долбоорлоо-изилдөө институту” мамлекеттик ишканасынын кирешесине чегерүү.

**“Өндүрүштүк –инновациялык борбору” ДИИ” мамлекеттик ишканасы**

**Аныкталды:**

Аудитке берилген маалыматтар жана бухгалтердик баланс боюнча КР ТКМнин “ӨИБ” МИнин 2023-жылдын 1-январына карата дебитордук карызынын жалпы суммасы 17 186,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- баланста башка ички дебитордук карыздар счету (3110) боюнча – 1 280 миң сом;

- баланстык эмес счетто жол чарба департаменти (3210) – 15 906,6 миң сом.

Жогоруда көрсөтүлгөн дебитордук карыздар 2023-жыл ичинде 5 884,0 миң сомго көбөйүп **2023-жылдын 31-декабрына карата** 20 956,0 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- баланстык счетто башка ички дебитордук карыздар счету (3110) боюнча – 793,3 миң сом;

- баланстык эмес счетто Жол чарба департаменти (3210) – 20 162,7 миң сом.

**Сунуштама:**

КР ТКМге караштуу Жол чарба департаментинин КР ТКМнын “Өндүрүштүк-инновациялык борбор” МИсинин алдындагы дебитордук карыздарын өз убагында жоюуну камсыз кылынсын.

**КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан төмөнкү инвестициялык долбоорлор ишке ашырылууда:**

**Дүйнөлүк Банктын бир инвестициялык долбоору**

***1. ДБ бир долбоору*** "Борбордук Азиядагы жол каттамдарын жакшыртуу боюнча долбоордун үчүнчү фазасы" жалпы узундугу 52 км. Лот1 Түп-Кеген автожолунун жер тилкеси (39-76) жана Лот2 Каркыра-Турук-Сары-Жаз автожолунун жер тилкеси (0-13), Авиациялык коопсуздук жана кызмат көрсөтүү, Ысык-Көл облусунда туризмди туруктуу өнүктүрүү. Кыргыз Республикасы менен Эл аралык Өнүктүрүү Ассоциациясынын (мындан ары- "ЭӨА") ортосундагы 2019-жылдын 3-июль айынын аягындагы Финансылык

макулдашууга ылайык, ЭӨА Кыргыз Республикасына 19, 700,000 Карыз алуунун Атайын Укуктары өлчөмүндө *N2 D385-kG* Грантын жана 19, 700,000 Карыз алуунун Атайын Укуктары өлчөмүндө *N2 6328-kG* Насыясын берген. Каржылоо жөнүндө келишим 2020-жылдын 30-январында күчүнө кирген. Долбоордун аяктоо күнү 2024-жылдын 30-ноябры.

**Аныкталды жана корутунду:**

Долбоордун башкы подрядчысы – "Чайна Роуд энд Бридж Корп." 2023-жылдын сезонунда бардык долбоордук жер тилкелеринде толук масштабдуу иштерди баштады. 2022-жылдын сезонунда жана 2023- жылдын башында тапшырыкчы - КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги, подрядчынын табыштамасы боюнча КР Мамгеология департаментинен бардыгы болуп 18 карьерди иштеп чыгууга демилге кылынган жана уруксат алынган, мында деталдуу долбоордо 5 гана карьерди пайдалануу каралган. Долбоорго караганда көбүрөөк карьерлерди колдонуу транспорттук чыгымдарды азайтууну камтыйт. Карьерлердин бул тизмесине ошондой эле 69, 73 жана 74 км аралыктагы карьерлер кирген, алардын ичинен материалды 63-76 км чейин пайдалануу пландаштырылган.

Аталган үч карьерди иштеп чыгуунун жалпы пландалган көлөмү 275 миң м3 түзгөн. 63-76 км аралыгындагы дөбөнүн болжолдуу көлөмү 272,4 миң м3 түзөт. Контракттык шарттарга ылайык, 1 кмге чейинки дөбө үчүн инерттик материалды ташуу Иштин көлөмүнүн ведомостуна тиешелүү баа менен эске алынат, ал эми 1 км ашык ташуу кошумча төлөнөт, 10,282 сом м3/км чен боюнча.

69, 73 жана 74 км карьерлерди пайдаланууда транспорттук чыгымдардын наркы болжол менен 7554 миң сомду түзмөк. Аталган карьерлер алынып салынгандыгына байланыштуу, азыркы учурда 63-76 км аралыктарды түзүү үчүн Лот 1 57 км жана Лота 2 2+725 км карьерлеринен инерттик материалдар колдонулууда. Көрсөтүлгөн эки карьерди пайдаланууда транспорттук чыгымдардын жыйындысы дээрлик 12611 миң сомду түзөт. Ошентип, транспорттук чыгымдардын көбөйүшү **5057,0** миң сомду түзөт (12611-7554).

**Сунуштама:**

КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигине жана ДБ ДИАТтын жетекчилигине транспорттук чыгымдарды үнөмдөө максатында 69,73 жана 74 км аралыкта жакын жайгашкан карьерлерди куруу боюнча иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Долбоордук жер тилкени визуалдык кароодо, 56+200 жана 57+500 км ортосундагы 390 м3 көлөмүндөгү жолдун четинин жантайышы жөнгө салынган эмес. Лот 2нин 176 м3 көлөмүндө суу өткөрүүчү түтүктөрдүн суу кирген жана суу чыккан жерлерин тазалоону талап кылат.

**Сунуштама:**

- 56+200 км жана 57+500 км ортосундагы 390 м3*337 сом= **131430** сом көлөмүндөгү жолдун четиндеги жантайышы тууралансын.

- Лот 2де 176 м3* 171,36 сом= **30159,36** сом көлөмүндөгү суу өткөрүүчү түтүктөрдүн суу кирген жана суу чыккан жерлери тазалансын.

**Ислам Өнүктүрүү Банкынын эки инвестициялык долбоору**

**1.** 159-183 км Түндүк-Түштүк автожолун (ИӨБ,СФР) реконструкциялоо долбоору, узундугу 24 км, Дыйкан – Кызыл-Жылдыз айылынын жер тилкеси, Фаза 3. Ислам Өнүктүрүү Банкынын донору-Сауд Өнүктүрүү фонду. Долбоордун суммасы 33,8 млн АКШ доллары анын ичинен: кредит 32,0 млн АКШ доллары, КР Өкмөтүнүн үлүшү 1,8 млн. АКШ. Доллары. Консультант: *«Сауди Тек-Спектрум» (Сауд Аравия/Ливан)* контракттын суммасы 1,3 млн. АКШ. доллары. Подрядчы: *«Мост Групп- Чайна Роуд энд Бридж Корп.» (Кыргызстан-Китай).* Контракттын суммасы 20,3 млн. АКШ доллары. Курулуш иштеринин мезгили: 2020-2023-жж. (кемчиликтүү мезгил 1 жыл, 2023-жылдын ноябры).

Курулуш иштеринин жалпы аткарылышы 18,2 млн. АКШ долларын же Контракттын наркынын 100% түзөт.

Подрядчы тарабынан курулуш иштери аяктады: 24 км төмөнкү катмар, а/б каптоо жана 24 км жогорку катмар, а/б каптоо жана негизги жолдо 53 суу өткөрүүчү түтүк жана съезддерде 31 суу өткөрүүчү түтүк, ошондой эле, 174+216 километрде 2 көпүрө, көпүрөнүн узундугу 29,865 м. жана 176+627километрде көпүрөнүн узундугу 15,5 м.

Негизги курулуш иштери 2022-жылдын 15-ноябрында аяктаган жана долбоордук жер тилкеси жоопкерчиликтин кепилдик мезгилине өткөрүлүп берилген, ал 2023-жылдын 15-ноябрында аяктаган.

2023-жылдын 24-ноябрында долбоордук жер тилке № 24 ЖТИге андан ары колдонууга өткөрүлүп берилген.

2023-жылдын башынан бери КР ТКМ менен "Көпүрө Групп" жана "Чайна Роуд энд Бридж Корп" ортосунда долбоордун колдонулуп жаткан материалдарына бааны оңдоо жаатында талаш-тартыш жаралды. Аталган маселени объективдүү жана ар тараптуу кароо үчүн Министрлик тарабынан тиешелүү адистерди тартуу менен бул маселени иликтөө үчүн Комиссия түзүлгөн. Подрядчы менен бул талаш-тартышты тынчтык жолу менен жөнгө салуу боюнча узак сүйлөшүүлөрдө жетишилген жок.

Маселе чечилбегендиктен жана Подрядчы комиссиянын чечими менен, ошондой эле тапшырыкчынын позициясы менен макул болбогондуктан, Контракттык шарттарга ылайык Тараптар бул маселени биротоло чечүү үчүн талаштарды жөнгө салуу боюнча Кеңешке кайрылууну чечишти.

2023-жылдын октябрында ФИДИК президенти тарабынан бул талаш-тартышты кароо жана тиешелүү корутунду чыгаруу үчүн Арбитр дайындалган, ал Контракттын бардык шарттарын жана Тараптардын

дооматтарын изилдеп чыгып, 2023-жылдын 25-ноябрында акыркы корутундусун Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин пайдасына берген.

**2. Долбоор**. Корумду айылынан Балбай баатыр айылына чейинки Ысык-Көл айланма жолун реконструкциялоо, 104-184,5 (АКГ) км. узундугу 80,5 км. Деталдуу долбоор иштелип чыгып такталгандан кийин, долбоордук жер тилкесинин башталышы 103,7 км жана жер тилкесинин аягы 183 км (узундугу 79,3 км) болуп саналат. Долбоордун жалпы суммасы 118,4 млн АКШ доллары. Донору Араб координациялык тобу. Насыя 92,2 млн АКШ доллары: ИӨБ - 20,0 млн АКШ доллары, СФР - 35,0 млн АКШ доллары, КФАЭР - 27,2 млн АКШ доллары, ОПЕК - 10,0 млн АКШ доллары, КР Өкмөтүнүн үлүшү - 12,8 млн АКШ доллары, КР ТКМ алдындагы Жол фонду - 13,4 млн АКШ. доллары. Подрядчы *China Road and Bridge Corporation (Китай*). Курулуш мезгили: 2024-2027 (кепилдик мөөнөтү 3 жыл)..

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасы менен Донорлордун ортосунда Кредиттик макулдашууларга кол коюлуп жана КРдин мыйзамдары менен ратификациялангандыгына карабастан (эң акыркысы 21.02.2022-жыл) тендердик жол-жоболордун созулушунан улам Подрядчы менен келишимге 2023-жылдын 19-декабрында кол коюлган. Демек, КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 8-апрелиндеги № 174-т Жол фондунун эсебинен 2023-жылга сом эквивалентинде 2800000 (эки миллион сегиз жүз миң) АКШ доллары өлчөмүндө каражат бөлүү жөнүндө тескемеси жарым-жартылай аткарылган эмес.

**Сунуштама:**

Инвестициялык долбоорлор боюнча контракттарды түзүүдө, создуктурууга жол бербөө максатында ченемдик-укуктук актылардын талаптары так сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

159-183 км долбоордук жер тилкесин визуалдык текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча жалпы суммасы 6141 АКШ долларын түзгөн төмөнкү иштер аткарылган эмес:

-Түндүк-Түштүк автожолунун 177,5-километринен 179,0-километрине чейинки жер тилкесинде сол жагынан жол жээктери жана жантаймалары пландалган эмес (баасы 2,475. АКШ доллары);

-159-166 км аралыктардагы суу өткөрүүчү түтүктөрдүн суу кирүүчү жана чыгуучу жерлери толуп калган жана тазалоо талап кылынат (баасы 3,666. АКШ доллары).

**Сунуштама:**

Төмөнкүлөрдү жүргүзүшсүн:

- Түндүк-Түштүк автожолунун 177,5-километринен 179,0-километрине чейинки жер тилкесинде сол тараптан жол жээктерин жана жантаймаларын пландоо (баасы 2475 АКШ доллары);

-159-166 км аралыктардагы суу өткөрүүчү түтүктөрдүн суу кирүүчү жана чыгуучу жерлерди тазалоо (баасы 3666. АКШ доллары).

**Азия Өнүктүрүү Банкынын беш инвестициялык долбоору**

**1."Бишкек-Ош автожолунун БАРЭК 3 коридорун жакшыртуу , Фаза 4, узундугу 52 км (8,5 км - 61 км)" долбоору .** Донор Азия Өнүктүрүү Банкы, долбоордун суммасы 120,8 млн.АКШ долл., КР Өкмөтүнүн үлүшү 20,8 млн. АКШ доллары, *подрядчы «China Railway №5»* (КЭР) долбоору 2023-жылдын 31 - декабрында аяктаган).

**Аныкталды жана корутунду:**

2023-жылдын октябрында Бишкек-Кара-Балта долбоордук жер тилкесинде кемчиликтерди аныктоо боюнча жумушчу комиссиянын изилдөөсүнүн жүрүшүндө жалпы аянты 58916,29 кв.м. автожолдун белгилүү бир жер тилкелеринде чуңкур бар экени аныкталган. Контракттын жалпы шарттарынын 11,1-пунктуна ылайык, Долбоордук автожолдун төмөнкү аталган жер тилкелеринде подрядчик фрезерлөө жолу менен комиссия тарабынан аныкталган асфальт-бетон каптоочунун (эскирүү катмарын) үстүңкү катмарындагы бардык кемчиликтерди алып салган жана жаңы катмарын төшөгөн. Жогоруда көрсөтүлгөн бардык иштер Подрядчы тарабынан өз эсебинен аткарылган.

**Сунуштама:**

КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жана АӨБ ДИАТ Подрядчы тарабынан аткарылган иштердин сапатын көзөмөлдөө күчөтүлсүн жана Подрядчы тарабынан кетирилген кемчиликтерди өз убагында аныктоо жана жоюу боюнча бардык зарыл чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**

“Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр” катары жүргүзүлгөн чыгымдар, бул 2023-жылдын 8-февралындагы № 5 Келишим боюнча КР Президентинин Иш башкармалыгынын алдындагы "Мамлекеттик имараттар департаменти" МИ тарабынан төлөнгөн, ал Долбоордун кеңсеси жайгашкан имараттын баланс кармоочусу болуп саналат. Бул Келишимде, ошондой эле долбоорго бекитилген кабинеттердин номерлерин көрсөтүү менен аларды коргоо жана кабинеттердеги товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышы каралган. КР Президентинин ИИБ алдындагы "Мамлекеттик имараттар департаменти" МИ тарабынан кайтарууну камсыз кылганына карабастан, Долбоор 2019-жылдын 1-июлунда “ОА “АТКОМ Секьюрити” ЖЧКсы менен объектти коргоо боюнча кызмат көрсөтүү келишими түзүлгөн, анда ар бир айлык акы 1250 сомду түзөт. Келишим Тараптардын бири аны токтотууну талап кылганга чейин жарактуу, б.а. бүгүнкү күнгө чейин жарактуу. “ОА

“АТКОМ Секьюрити” ЖЧКсынын кызматтары үчүн төлөм 2023-жыл үчүн 15,0 миң сомду түздү, бул Долбоордун негизсиз чыгымдары болуп саналат.

**Сунуштама:**

Жайларга кайтаруу үчүн эки жолу төлөнгөн төлөө токтотулсун жана мындан ары негизсиз чыгымдар жүргүзүлбөсүн.

2. **"Бириктирүүчү жол, БАРЭК 1 жана 3 коридорлору, Фаза 2 - Кошумча каржылоо" АӨБ долбоору (Балыкчыдан 43 - км чейин жана Кочкор-Эпкин жер тилкелери) (км 0-км 43км, 62,4 км-89,5).** Долбоорду башкаруу боюнча колдонмонун "Каржылоого чыгымдар" 4-главасынын 9-пунктуна ылайык, долбоордун наркы 90,75 млн АКШ долларын түздү. Бул сумма АӨБ жана Өкмөт тарабынан каржыланат, анын ичинде салыктар жана алымдар менен. 10,5% же 9,5 млн АКШ доллары Грант болуп саналат, ал эми 75,5% же 68,5 млн АКШ доллары бул жеңилдетилген мезгил ичинде жыл үчүн 1%, жеңилдетилген мезгилден кийин жылына 1,5% жана 14% же 12,75 млн доллары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн үлүшүн түзөт. Жогоруда көрсөтүлгөн Насыя жана Грант келишимдерине ылайык, долбоордун физикалык көлөмү 2027-жылдын 31-июлуна чейин аяктайт, ал эми, Насыя жана Гранттын жабылган күнү 2027-жылдын 31-декабры. 2020-жылдын 14-февралында КР Транспорт жана жолдор министрлиги *«JV Sinohydro Corporation LTD- Power China Road Bridge Group Co, LTD»* подряддык компаниясы менен келишимге кол койду.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 11-ноябрындагы № 279-т тескемеси менен, 2021-жылдын 19-ноябрда Кредиттик макулдашууга жана Гранттык макулдашууга түзөтүүлөргө кол коюлду.

Макулдашуунун каржылоо булактары боюнча өзгөрүүсү төмөнкүдөй түрдө берилген:

- гранттык каражаттар 9 500,0 миң АКШ доллары, кредиттик каражаттар 63 500,0 миң АКШ доллары, КР Өкмөтүнүн үлүшү 20,0 миң АКШ долларын түзөт.

**Аныкталды жана корутунду:**

30+041 жайгашкан 2,0мх2,0м тик бурчтуу түтүктө, түтүк көңдөйүнүн бүтөлүшү аныкталган. 30+512 КМ аралыкта жайгашкан d-1.5м тегерек түтүктө түтүк көңдөйүнүн бүтөлүшү аныкталган. КМ 30+953 жайгашкан d-1.5м тегерек түтүктө суу өткөрүүчү түтүктүн көңдөйүнүн бүтөлүшү аныкталган.

**Сунуштама:**

Подрядчы тарабынан 30+041, 30+512, 30+953 КМ аралыкта жайгашкан суу өткөргүчтүн көңдөйүн тез арада тазалоо иштери жүргүзүлсүн.

**Аныкталды:**

31+790 КМ аралыкта жайгашкан 2,0мх3,0м тик бурчтуу түтүктө суу өткөрүүчү түтүктүн көңдөйү бүтөлүп калганы аныкталган. Ошондой эле, жер астындагы жантайыңкы жагы жуулуп кеткендиги аныкталган.

**Сунуштама:**

Подрядчы тарабынан 31+790 КМ аралыкта жайгашкан суу өткөргүчтүн суу кирген жана чыккан жерин тазалоо боюнча иштер аткарылсын. Чептер калыбына келтирилсин. Жер тилкесинин жантайыңкы жагы жуулуп жаткан жерде жантайыңкы жерлерди калыбына келтирүү боюнча иштер аткарылсын.

***3. АӨБдүн "Бириктирүүчү жолдор, БАРЭК 1 жана 3 коридорлору" долбоору (89-159 км жер тилкеси, Эркин айылынан Баш кууганды айылына чейин).*** Долбоордун жалпы наркы 114,35 млн АКШ доллары 32% же 36,72 млн АКШ доллары Грант болуп саналат, ал эми, 51% же 58,39 млн АКШ доллары бул жеңилдетилген мезгил ичинде жыл үчүн 1% коюм боюнча, жеңилдетилген мезгилден кийинки жылы зайымдын суммасынан 17% же 19,24 млн АКШ доллары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн үлүшүн түзөт.

Todini Costruzioni Generali S.p.A. подрядчы компания тарабынан келишим бузулгандыгына жана жаңы подрядчы менен келишимге кол коюлгандыгына байланыштуу долбоордун аяктоо датасы кайра каралды. Долбоордун жабылышы 2026-жылдын 31-декабрына чейин узартылды, АӨБдүн жактыруусу менен.

Ушул Макулдашуунун алкагында Кыргыз Республикасы АӨБдон каржыланат – гранттык каражаттар - 35 397,46 миң АКШ доллары, насыя каражаты - 31 275,0 миң сом, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн үлүшү 1 666,0 миң АКШ долларды түзөт.

**Аныкталды жана корутунду:**

2024-жылдын 1–январынын абалына карата пайыздык эсептерде "РСК Банк" ААКда 292,36 АКШ доллары жана 126,65 сом өлчөмүндө акча каражаттарынын калдыгы болгон.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесине ылайык, "РСК Банк" ААКнын пайыздык эсептеринен акча каражаттарынын калдыктары 292,36 АКШ доллары жана 126,65 сом Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бирдиктүү казыналык эсебине которулсун.

***4. Долбоор."Бишкек-Ош автомобиль жолунун жер тилкесин реконструкциялоо, 4 - Фаза" ЕАӨБ АКФ долбоору (Маданият-Жалал – Абад жер тилкеси, узундугу 67 км).*** *Донор: Евразия өнүктүрүүнү турукташтыруу фонду (мындан ары-ЕТӨФ).Долбоор менен - 72 млн АКШ доллары каралган, анын ичинен: насыя - 60 млн АКШ доллары, КР Өкмөтүнүн үлүшү-12 млн АКШ.доллары. Насыяны төлөө мөөнөтү - 20 жыл, жеңилдетилген мезгил – 8 жыл. Пайыздык чен – жылдык 1%. Инженер – консультант- Renardet (Швейцария). 28.12.2017-жылдагы келишимдин наркы 1960600 АКШ доллары, салыксыз, салык менен (10%) 2178444 АКШ доллары. Подрядчы – Azvirt (Азербайжан). Курулуш иштеринин мезгили - 2018-жылдын июнунан 2023-жылдын августуна чейин (дефекттик мезгил 20 айды түзөт,*

*2025-жылдын майына чейин).*

**Аныкталды жана корутунду**:

Текшерүүнүн жүрүшүндө төмөнкү жер тилкелердеги асфальт-бетондун үстүңкү катмарындагы узунунан кеткен (сайгыч) жана туурасынан кеткен тегиз эместиктер аныкталган жана алмаштырылган:

1. Км 552+450-553+400 RHS 950м
2. Км 553+400-554+440 RHS 1040м
3. **3.** Км 554+440-555+200 RHS 760м
4. **4. Бардыгы: 2 750 м.**

Суу өткөрүүчү түтүктөрдө: 24.10.2023 - 16.112023г. чейин

5. Км 549+790 – 549+810 LHS / RHS
6. Км 548+858 – 549+885 LHS / RHS
7. Км 549+930 – 549+945 LHS
8. Км 550+350 – 550+360 LHS
9. Км 552+909 – 552+928 LHS
10. Км 554+354 – 554+370 LHS.

Жогоруда аталган жер тилкелеринде фрезерлөө жолу менен кемчиликтер алынып салынды жана 563 м3 подрядчынын каражатынын эсебинен 5 027 871,5 сом суммасында эски асфальтбетондун ордуна жаңы катмары (жогорку) төшөлдү.

**Сунуштама:**

КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жана АӨБ ДИАТ, Подрядчы тарабынан аткарылган иштердин сапатын көзөмөлдөнү күчөтсүн жана Подрядчы тарабынан кетирилген кемчиликтерди өз убагында аныктоо жана жоюу боюнча бардык зарыл чараларды көрсүн.

**5. "Түндүк-Түштүк альтернативдик автожолун куруу, Фаза-1" долбоору.** Түндүк-Түштүк автожолун куруунун 1-фазасынын жалпы узундугу эки жер тилкеден турат: Кызыл-Жылдыз айылы-Арал айылы (км 183-195), Казарман айылы-Жалал-Абад шаары (км-291-433), жалпы узундугу 154 км. Фаза-1 курулушунун жалпы наркы 399,9 млн. АКШ доллары, анын ичинде, узундугу 3,8 км болгон, Көк-арт ашуусу аркылуу курулган тоннелдин наркы кошулган. Насыянын мөөнөтү 240 ай, анын ичинде жеңилдетилген мезгил 132 ай жана насыяны төлөө мөөнөтү 108 ай. Зайымга карата колдонулуучу пайыздык чен (2-берене, 2.2-пункт) жылдык 2 пайызды түзөт. Мындан тышкары, 0,18% насыяны башкаруу акысы жана жылдык 0,25% насыя берүү милдеттенмеси үчүн комиссиянын коюму колдонулат.

"Кыргызжолтрансдолбоор" ДИИ МИ долбоорлоо уюмунун инженердик-геологиялык иликтөөлөрүн жүргүзүүдөгү каталардан жана 2018-жылдын 13-декабрында бекитилген жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги тарабынан кабыл алынган "Кыргыз Республикасындагы

имараттардын, курулмалардын жана комплекстердин долбоордук документтеринин курамы, иштеп чыгуу жана бекитүү тартибинин" 5.4-пунктундагы КР 11-03:2018 КН бузуудан улам курулуш иштерин аяктоо мөөнөтү узартылды.

Сузак районунун тургундарынын көптөгөн кайрылууларына байланыштуу, Сузак районундагы Сафаровка айылынан трассанын аягына чейин калктуу конуштарды айланып өтүүчү узундугу 25 км болгон жолдун курулушу боюнча, азыркы долбоордук жол калк жыш жайгашкан айылдар боюнча өтө тар шарттарда, калктын саны 90 миңден ашык жашаган жана көптөгөн мектептер, лицейлер жана балдар бакчалары жайгашканын эске алуу менен жана магистраль курулгандан кийин балдардын жана калктын коопсуздугуна коркунуч келтирүүчү тобокелдиктер көбөйөрүн эске алуу керек. Бул маселе Транспорт боюнча комитеттин көчмө жыйындарында да каралган. Ушуга байланыштуу калктуу конуштардын жашоочуларынын жана долбоордук жолду пайдалануучулардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча бул көйгөйдү чечүү үчүн КР Транспорт жана жолдор министрлиги тарабынан калктуу конуштарды айланып өтүүчү жолдун варианттары иштелип чыкты жана Жогорку Кеңештин Транспорт, курулуш жана архитектура боюнча комитетинин Жалал-Абад шаарындагы жыйналышына айланма жолдун сунушталган варианттарынын бири жактырылды.

Ушул себептен улам, КР Транспорт жана жолдор министрлиги күтүлбөгөн иштердин наркынын финансылык каражаттарын чечкенге чейин жана долбоордук-сметалык документтер аяктаганга чейин жана калктуу конуштарды айланып өтүү үчүн жер тилкесинде жер бөлүү маселесин чечкенге чейин, 1-фаза боюнча кредиттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу жана 408-433 км жер тилкесинде Түндүк-Түштүк альтернативдик жолун куруу долбоорунун үзгүлтүксүз курулуш процессин камсыз кылуу максатында бул маселе боюнча акыркы чечим кабыл алынганга чейин курулуш иштерин убактылуу токтоткон.

Мындан тышкары, жүргүнчүлөрдүн жана жүктөрдүн коопсуздугун камсыз кылуу максатында, тоннелдин жалпы узундугу 3890 метрге, келишимде 3700 метр, чейин узартылган. Ошентип, Казарман-Жалал-Абад жолунун жер тилкеси 117,0 км түздү. Тоннелди кошкондо 3890 метр.

Курулуш иштерин аяктоо мөөнөтү бир нече жолу жылдырылган жана 2022-жылы 7 – сентябрда мөөнөттү 20 айга, башкача айтканда 30.07.2024-жылга чейин узартуу жөнүндө келишим кошумча түзүлгөн. Бирок бүгүнкү күнгө чейин иш бүтө элек.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 126-беренесин бузуу менен, эмгек өргүүсүн иш жылынын иштелген бөлүгүнө пропорциялуу берүүгө мүмкүн, бирок 14 календардык күндөн кем эмес берүүгө жол берилет, бирок,

2023-жыл үчүн К.К. Амановго 5 календардык күнгө (2023-жылдын 16 – июнундагы № 35 буйрук) жана А. Чокморовага 12 календардык күнгө ( 2023-жылдын 8 – августундагы № 61 буйругу) берилген. КР Эмгек кодексинин 8-беренеси боюнча Жамааттык келишимдер, макулдашуулар, ошондой эле эмгек келишимдери эмгек мыйзамдарында белгиленген кызматкерлердин укуктарынын жана кепилдиктеринин деңгээлин төмөндөтүүчү шарттарды камтый албайт. Эгерде мындай шарттар жамааттык келишимдерге, макулдашууларга же эмгек келишимине киргизилсе, алар колдонулбайт. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 117, 126, 135-беренелери бузулган.

**Сунуштама:**

Мындан ары КР Эмгек кодексинде каралган ченемдерди бузууга жол берилбесин.

## “Кыргызавтобекети” мамлекеттик ишканасы

**Аныкталды:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен, конкурс өткөрбөстөн, конкурстук комиссия түзбөстөн жана сатып алуулар боюнча маалыматты тапшырыкчы үчүн жеткиликтүүлүгүнө жараша сатып алууларды жарыялоо жана жүргүзүү үчүн адистештирилген системаларда, анын ичинде тапшырыкчынын же жогору турган уюмдун веб-сайтына жайгаштырбастан, **496,0 миң сом** суммасына товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр сатылып алынган анын ичинен: “Чыгыш автовокзалы” -318,8 миң сом жана “Талас автовокзалы” – 177,2 миң сом.

**Сунуштама:**

1. Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктарды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” Типтүү тартибинин талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

2. Мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун өткөрбөстөн “Чыгыш автовокзалында” - 318,8 миң сомго жана “Талас автовокзалында” – 177,2 миң сомго сатып алууларды жүргүзүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

3. 2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде жана анын ведомстволук бөлүмдөрүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, отчетто көрсөтүлгөн бузууларга жана кемчиликтерге жол берген Министрликтин жана анын ведомстволук түзүмдөрдүн жетекчилеринин жана кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

4. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:

-Түндүк-Чыгыш бажысынын эсебине 124 даана автобус бажы жол-жоболорун төлөөгө КР ТКМ тарабынан 211 639,5 миң сом чегерүү;

- Жол фонду тарабынан “Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасынын эсебине 1 241 560,8 миң сомду атайын жол техникасын жана жабдууларын сатып алуу үчүн акы төлөөгө которуу;

- Жол чарба департаменти тарабынан мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун жүргүзбөстөн автомобиль жолдорун жаңы куруу жана капиталдык оңдоо иштеринин, “Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасына 1 903 124,5 миң сомго 38 объект өткөрүлүп берилиши;

- 650,0 миң сомго “Спринтер” автоунаасын жана 450,0 миң сомго эски “Мерседес-Бенц 208D” автоунаасын сатып алуу;

- Жол фондунун 29161,5 миң сом суммасындагы каражаттарын максатсыз пайдалануу;

- КР ТКМнын чарбалык эсептеги түзүмдүк бөлүмдөрүнө 82 625,5 миң сом суммасында бюджеттик каражаттарды которуу жөнүндө маалымат жөнөтүлсүн.

**Аудитор** **Б.А. Рыскулиев**